




# КЫРГЫЗ ЭЛ ТАМСИЛДЕРИ












# КЫРГЫЗ
# ЭЛ
# ТАМСИЛДЕРИ

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

# КЫРГЫЗ ЭЛ ТАМСИЛДЕРИ



ТҮЗГӨН ЖАҢЫЛ МУСАЕВА

«ИЛИМ» БАСМАСЫ 1985

Жыйнакка Кыргыз ССР илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун кол жазмалар фондусунда сакталып келаткан элдик жана айрым эл акындары тарабынан жаратылган тамсилдер көркөмдүк деңгээлине, идеялык мазмунуна карата тандалып киргизилди.

Кыргыз элдик оозеки тамсилдерин өз алдынча жарыялоо ишинде биринчи тажрыйба болуп саналган бул жыйнак элдик оозеки адабиятка кызыккандардын кеңири катмарына арналат.

*Басмага Кыргыз ССР илимдер академиясынын*
*Тил жана адабият институтунун*
*Окумуштуулар совети тарабынан сунуш кылынып,*
*Кыргыз ССР илимдер академиясынын*
*Редакция-басма совети кабыл алган.*

*Рецензенттер:*
филология илимдеринин кандидаты *Анар Токомбаева,*
*Буудайбек Сабыр уулу*

Жооптуу редактору *Сулайман Кайыпов*

Сүрөтчүсү *И. А. Ефимов*

© «Илим» басмасы, 1985

# БАШ СӨЗ ОРДУНА

Элдик оозеки тамсилдер фольклордук башка жанрлар сыяктуу эле элдин үмүт-тилегин, дүйнөгө болгон көз карашын чагылдыруу менен бирге көркөм сөз искусствосунун бир формасы катары калың калк катмарынын рухий таламдарын канааттандырып келген.

Кыргыз элинин оозеки тамсилдери жөн жерден пайда боло калган эмес. Адам баласы эзелки замандардан бери жаратылыштын кучагында жашап, флора менен фауна дүйнөлөрүнүн сырларын, жашоо шарттарын мыкты билишкен. Андыктан сөз искусствосунда ар кыл жаныбарлар, канаттуулар тууралуу чыгармалар жаратылган. Аларды жалпысынан эки топко бөлүүгө болот. Биринчиси — айбанаттар, канаттуулар өз туруш-турпаттары боюнча салыштырмалуу түрдө бузбай сүрөттөлүп, алардын жашоо шарттары, тиричилиги аллегориясыз баяндалат. Бул айбанаттар тууралуу жомоктордун негизин тизөт. Экинчиси — жан-жаныбарлардын, канаттуулардын жорук-жосундары, өң-түспөлдөрү каймана маани кабыл алып алардын кебете-кешпирлери, адам турмушу сындалат. Бул элдик тамсилдердин пайда болушуна негиз болуп берет.

Элдик оозеки тамсилдердин келип чыгышы албетте, айбанаттар жөнүндөгү жомокторго тыгыз байланыштуу.

Айбандар жөнүндөгү жомоктордун кээси кадимки жомоктун чегинен чыгып, тамсилдик маанини кабыл ала баштагандыгын байкоого болот. Айбандын кылык-жоругун баяндоо менен айрым адамдарга тиешелүү касиеттер каймана түрдө сындоого алынат.

Негизинде жомоктук материал жатса да окуянын өнүгүү, мүнөздөрдүн ачылыш спецификалары жагынан кадимки тамсилге айланган чыгармалар аз эмес. Ошондой тамсил-жомоктун үлгүсү катарында Сагымбай Орозбаковдун «Жолбун ит», «Чычкан, мышык, арстан» чыгармаларын көрсөтүүгө болот.

Көңүлгө бек тутуучу бир нерсе: кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгындагы жогорку эки топту б. а., айбанаттар туура-

луу жомоктор менен элдик тамсилдерди бири биринен механикалык түрдө таптакыр ажыратып кароого болбойт. Анткени, оозеки сөз өнөрүндө жанрдык чектердин дайыма эле бек сакталабербестигине байланыштуу, бул эки топтун жалгашуусунда турган элдик чыгармалар да жок эмес. Кээде мазмуну боюнча кадимки эле тамсил, ал эми формасы, окуяны баяндоо ыкмалары боюнча айбанаттар тууралуу жомокторго жакын турган тамсилдер да кездешет. Мындай чыгармалардын катарына ушул жыйнактан орун алган «Аюу, төө, жолборс, түлкү, карышкырдын достугу», «Ач карышкыр» деген чыгармаларды кошууга болот. Алсак, «Ач карышкыр» аттуу тамсил-жомокто карышкыр курсагы ачып келе жатса жолдун таманында бир кулач майлуу чучук жаткан болот. Аны жемекчи болгондо чучук: «Мындан ары барсаң семиз ак улак бар, ошону жесең тойбойсуңбу»,— деп алдап жолго салат. Ак улак жалынып, чоң кара эчкиге жиберет. Кара эчки болсо, боз бээге жиберет. Боз бээ карышкырды алдап: — Жесең же, бирок, туягыма атыңды жазып кет,— дейт. Карышкыр боз бээнин туягына атын жазмакчы болуп жатканда кош аяктап башка тээп, ээсин оодарат (экинчи бир вариантында өлтүрөт). Мында ач көз карышкырдын жоругу жомок катары сүрөттөлсө да чыгарманын аягында окурмандын көз алдында төрт аяктуу жырткыч эмес, ак эмгекти сүйбөгөн, бирөөнүн жемиш-байлыгына көз арткан, азга канат кылбаган, алкы бузук адамдын образы турат.

Ал эми акындар тарабынан жаратылган тамсилдердин ичинен С. Орозбаковдун «Чычкан, мышык, арстан» деген тамсил-жомогу үч бөлүмдөн турат. Биринчиси «Мышык, чычкан» деп аталат. Экөөнүн чатагын айтуудан мурда окуянын качан, каерде болуп өткөнү кириш сөз катары мындайча баяндалат:

Турган экен адамдар,
Индистандын жагында,
Чөбү кенен, суусу мол
Бир токойлуу жайыкта

Жапан таруу, буудайлар
Өсөт дайым жазында.
Аны ээлеп бир чычкан.
Ар жыл жатат жанында.

Андан ары чычкандар көбөйгөнүн, алардын эсирип, өзүнө каршы душманы эсинен чыгып кеткени баяндалып, аларга каршы сур мышык келип бүт тукумун кырганы айтылат. Үчүнчү бөлүгүндө адегенде арстанды да менменсине караган чычкандардын көргөн кордуктары баяндалат. Тамсил-жомоктун корутундусу — элди эсирбе, бой көтөрүп бирөөгө бейчеки катылба деген ойду жыйынтыктайт.

Кайманалуулугу жана жыйынтыгы чыгарманы накта тамсилдердин катарына кошуп турган менен жалпы сюжеттин курулушу, баяндалышы кадимки элдик жомоктордун архитектоникасын элестетет. Ошондуктан элдик оозеки тамсилдер менен таанышканда, азыркы профессионал жазма адабияттагы тамсилдердин закон ченеми менен мамиле кылбастан элдик поэзиянын өзгөчөлүктөрүн, оозеки чыгармачылыкта жанрлар аралык белгилүү бир тартипке баш ийген бузулбас чектердин болбостугун эске алуу керектигин айта кетүүбүз керек.

Элдик оозеки тамсилдер оозеки чыгармачылыктын башка жанрлары сыяктуу эле өзүнүн варианттуулугу менен айырмаланат. Эл оозундагы окуялар аркылуу баяндалгандыктан көпчүлүк учурларда көлөмдүү келишет. Мындай белгилердин болушу да элдик тамсилдердин айбанаттар тууралуу жомокторго формалдык жактан болсо дагы бир кадам жакындаштырат. Мисалы, Тоголок Молдонун элдик сюжет боюнча кайра иштеп чыккан «Жер жана анын балдары», «Куштардын аңгемеси» деген тамсилдери жүздөгөн саптардан турат. С. Орозбаков жазып тапшырган «Жолбун ит», «Мышык, чычкан, арстан» деген тамсилдери туурасында да ушул эле ойду айтууга болот.

Элдик тамсилдердин табияты сатирага өтө жакын. Тамсилдин көбү мыскыл менен сугарылып, эзүүчүлөр менен эмгекчилер табынын ортосундагы кагылышта эмгекчилердин мүдөөсү

биринчи орунга коюлат. Адилеттик, чындык дайыма зордукчулдун, таш боордуктун, эки жүздүүлүктүн үстүнөн жеңишке жетишет. Кадимки классикалык тамсилдер сыяктуу эле кыргыз элдик оозеки тамсилдеринде да дайыма пайдалануучу туруктуу образдары бар. Мисалы, элдик тамсилдерде ат, ит, уй, мышык, кой, эчкилер адамдын эң жакын жолдоштору болуп кызмат кылышат. Арстан, жолборс, карышкыр, түлкүлөр кээде гана адилеттүүлүктү жактап калышпаса, көбүнчө зордукчул, зулум бийлөөчүлөрдүн өкүлү катарында көрүнөт. Түлкү дайыма митайым, куу, эки жүздүү, алдамчы, жалганчы, жакшылыкка жамандык издеген шылуун адамдын образын элестетет. Анын эки жүздүү, анткордугун ачык билүү үчүн «Каркыра менен түлкү» деген тамсилди алсак жетиштүү. Түлкү каркыранын бир балапанын жеп коюп, «Узун моюндун бири жок» деп ыйламыш болот. Ал эми жолборс, арстан, карышкыр зордукчул, кара өзгөйлүктү түшүндүрсө, төө, эшек, торпок, аюулар кээде аңкоолукту, кээде момундукту билдирет. Жыйнакчадагы чыгармалар кыргыз элинин (керегем сага айтам, келиним сен ук, уугум сага айтам, уулум сен ук!) каймана сүйлөөгө жөндөмдүү экенин далилдеп турат. Бул эл оозундагы тамсил-жомок маанисиндеги чыгармалар профессионалдык адабиятыбыздагы тамсил-сатиранын калыптанышына көрөңгө болгонун белгилеп кеткенибиз оң.

Ырас, элдик тамсилдерде айбандарды канаттууларды жана башка заттарды катыштырып адам турмушу каймана түрдө чагылдырылганы менен сюжет курулушу, образдардын даана ачылышы, көркөм сөз каражаттарын орду менен пайдаланышы жагынан бир кылка эмес. Китепчедеги сиздерге сунуш кылынып жаткан тамсилдердин айрымдары көлөмүнө, көркөмдүк деңгээлине жараша анча-мынча кыскартылды, айрым редакциялоолорго да дуушар болду.

Жыйнак эки бөлүмгө бөлүнүп, биринчи бөлүмгө жалаң гана элден жазылып алынган тамсилдер орун алды. Ал эми экинчи бөлүмдө акындар тарабынан чыгарылган же болбосо, элдик сюжеттин негизинде иштелип чыгылган тамсилдер жайгаштырылды. Акындар тарабынан чыгарылган же, элдик сюжеттин

негизинде кандайдыр элдик тамсилдер менен кадимки профессионалдык адабияттагы тамсилдердин ортосунда, жалгашуусунда туруп, биринчисинен экинчисине өсүп чыгуу, калыптануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылып турган звено сыяктуу байкалат.

Элдик оозеки тамсилдерди жыйнап, аны кайрадан иштеп чыгууда Тоголок Молдо — Абдырахманов Байымбеттин эмгегин айрыкча белгилөө керек. «Каркыра менен түлкүнүн достугу», «Бөрү менен түлкү», «Жер жана анын балдары», «Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы» сыяктуу элдик чыгармаларды кайрадан иштеп чыккан.

Тоголок Молдонун кайсы гана тамсилин окубайлы, окуяга катышкан каармандардын кимиси ак, кимиси кара өзгөй экени ачык көрсөтүлүп, окурманга үгүт-насаат катары таасир калтырат.

Элдик оозеки тамсилдер бүгүнкү күндө да ар кыл терс көрүнүштөрдү мыскылдоонун бир куралы катары кызмат кылып, эл арасында жаңы чыгармалардын жаратылып жаткандыгында шек жок. Кийинки мезгилдерде, тактап айтканда Совет мезгилинде, пайда болгон оозеки тамсилдердин табияты бир топ башкачараак. Образ системаларына да айрым жаңылануулар болуу менен бирге тамсилдердин композициялык курулушунда да өзгөрүүлөр болгондугун байкоого болот. Алсак, «Сагызган кантип сайрады» деген тамсилде сагызган талга конуп алып, иштеп жаткандарга карай: «Ишиңер жүрүп жатабы?» — деп сурайт. Андан ары

> Уккула деди улуксунуп,
> Шакылыктап кулпунуп,
> Чийбаркыттан халат берем баарыңа,
> Тукабадан көйнөк берем жарыңа,—

деди дагы учуп кетти сагызган. Тамсилдин айтайын деген оюайкын:

> «Ишсиз ишмер» жетекчиден табылат,
> Өзү болсо көлөкөгө жашынат.

Тереӊ билбей эмгекчинин тагдырын,
Кабинеттен карап туруп чамынат.

Элдик тамсилдердеги ашкере сак жана сугалак кишинин образын чагылдыруучу сагызган Совет доорунда жаралган элдик тамсилдерде жасанып түзөнгөн, сырты жалтырак, ичи калтырак, жалганды жалтанбай сүйлөгөн айрым кур дүрмөт чарба жетекчилеринин образын берүү үчүн пайдаланылган.

Кыргыз эл оозеки адабиятындагы тамсилдер буга чейин өзүнчө китеп болуп чыккан эмес. Айрымдары гана кыргыз адабиятынын хрестоматияларында, окуу китептеринде жарыяланып келген. Жыйнактагы тамсилдердин көпчүлүгү биринчи жолу жарыяланып жатат.

Кыргыз элинин оозеки чыгармасындагы тамсилдер ар түрдүү мезгилде ар кимдер тарабынан жазылып алынган. Ошондуктан ал тамсилдер кимден, ким тарабынан, качан жазылып алынгандыгы жөнүндө түшүнүктөр менен толукталды. Элдик тамсилдерге кызыгуучуларга китепчедеги тексттерди түп нуска менен салыштырып окууга жеӊилдик болсун үчүн ар бирине номер коюлуп, тиешелүү түрүндүрмөдө анын кайсы номерлүү инвентарда, канчанчы бетте экендигине чейин берүүгө аракеттендик.

*ЖАӉЫЛ МУСАЕВА*



# 1

## 1. ТҮЛКҮ, ЧАПКЕНЕ, ТАШБАКА — ҮЧӨӨНҮН ЭГИН ЭККЕНИ

Түлкү, ташбака, чапкене — үчөө дос болуп, эгин эгишет. Түлкү жайлоого чыгуучу болду, ташбака эгин багуучу болду, чапкене оруп-жыюучу болду. Түлкү аштык даяр болгондо жайлоодон түшүп келди. Буларга эгинди жөн эле бөлдүрбөй, бир амал менен алдап, өзү алууну ойлоду.

Түлкү:

— Бурадарлар [1], мунун эмнесин бөлүп убара болобуз, чуркашалы. Кимибиз мурун келсек ошонубуз алалы — деди. Аксакалдын сөзүн чапкене, ташбака макул көрдү. Чуркоого убадалашкан жерге барышты. Барып жеткен соң үчөө катар турду. Ал арада чапкене түлкүгө жабышып, акырындык менен кулагына чыгып кетти. Чуркап жөнөштү.

Түлкү аштыктын жанына келип бир силкинип койду эле, чапкене ыргып түшүп, аштыктын үстүнө чыгып кетти.

Чапкене: — Мен келгенге бир саат болду, аштыктын үстүнө чыгып алып, Сизди качан келет — деп, карап турганымчы — деп койду.

Ошону менен байгени кичине болсо да айла менен чапкене алып кетти.

## 2. КЫРГЫЙ МЕНЕН ҮКҮ

Эчтеке таап жээгө жарабай калган бир кары оору үкү менен бир алгыр кыргый тааныш болот. Акырында экөө кучакташып кыяматтык дос болот. Аны өзүнөн артык кылып багат. Экөө алыска сапар кетишет. Кыргыйдын эптүүлүгү менен алгырдыгы аркасында жакшы эле күн көрүшөт. Үкү оорусунан сакаят. Өз тамагын өзү табууга жарап калат. Кыргыйдын кармаганы ага кызмат болбой калат.

---

[1] Бурадарлар — туугандар деген мааниде.

Үкү өз күнү өзү көрөрлүк болгондон кийин экөө биргелелешип аңга чыгышат. Анда үкү акырын чакырып алып, кыргыйды кармайт да:

— Мен сени жеймин! — дейт.

Кыргый көп кызматын, акыреттик достугун айтып ыйлайт. Үкү: — Жакшылыкка жакшылык эшектин иши, жакшылыкка жамандык эшендин иши. Жашоо — күчүң жетсе, алышмак, күрөшмөк, жетпесе алдап алмак, айла кылмак, иши кылып өзүң жашамак — деп кыргыйды чыркыратып баса калат. Темир айры өңдүү чоң чеңгели менен кыргыйды мыжып өлтүрөт. Жеп тоюп алып кагынып-сыланып учуп кетет.

## 3. АЧ КӨЗ КАРГА

Бир карга эч бир балага тойбос болду. Бир күнү өзүнүн жумурткасын аз көрүп карчыганын эки жумурткасын уурдап алып келип кошо басты. Балдары чыкты, баарын тарбиялап өстүрдү. Канаты чыгып, учаар кези болду. Карчыганын эки баласы карганын үч балапанын бир-бирден кармап жеп, бир аптада карганын балапандарын түгөттү. Бир күнү карганын өзүн да кармап жеп койду.

## 4. КАРКЫРА МЕНЕН ТҮЛКҮ

Каркыра менен түлкү экөө бир чуңкурга уя жасап, бала чыгарышкан экен. Каркыра балапандарга жем издеп кеткенде, анын бир балапанын түлкү жеп коёт. Бир убакта каркыра келет. Анда түлкү көз жашын мөлтүлдөтүп:

— Сеники, меники жок эле кошунам, узун моюн баланын бири жок — деп анткорсунуп ыйлаган экен.

## 5. ТӨӨ, АЮУ, ТҮЛКҮ, КАРЫШКЫР, ЖОЛБОРС, КОЗУ, УЛАК

Жетөө биригип, жан багабыз деп, дос болуп, жайлоого чыгышат. Төө, козу, улак үчөө чөп жеп, жакшы семиришет. Аюу,

түлкү, карышкыр, жолборс төртөө эчтеме таба алышпай ачкадан жүдөп, арыкташат. Бир күнү түлкү айтат:

— Баарыбыз бирдей ачкадан өлүп калбайлы, улак менен козуну союп жейли,— дейт.

Баары макул болушуп, улак менен козуну экөөнү эки күн союп жешти. Дагы бир күнү түлкү:

— Минтип жүрүшүбүз болбойт экен, төөнү дагы союп жейли,— дейт. Анда жолборс:

— Төө биздин төрөбүз болсо, аны кантип союп жейбиз,— деди.

Анда түлкү:

— Эбин тапсам төөнү мен соёюн — деди.

Түлкү төөнүн жанына барып, ар жагына бир чыгып, бери жагына бир чыгып ойноп туруп, бир далайдан кийин:

— Төө аке, төө аке, айып көрбөсөңүз, тиги акелерим сени көктөмдөгү кырк козуга союп жеп, көктөмдө кырк козуну чогултуп беребиз деп жатышат.

Анда төө:

— Сөзүңөрдө туруп мени суу кылбай жыйып берсеңер болду. Сойсоңор, сойгула — деди.

Түлкү менен карышкыр соё баштады. Төөнү өлтүргөн соң түлкү ичине кирип алып, ич майын бүт жеп чыкты. Анда карышкыр:

— Сен жылтырап жеп чыктың, мен ачка каламбы?— деди. Түлкү:

— Кудай аткыр, мына муну жегин — деп, өпкө-боорун алып берди.

Карышкыр:

— Тең жегенди теңирим сүйүптүр, тең жебегендин кепини күйүптүр деп, теңин түлкүгө берип, карышкыр өпкө-боор жеп оозу-башын бүт кан кылып алды. Түлкү сууга жуунуп тазаланып алды. Бир кезде жолборс менен аюу келди. Этти бөлүштүрө баштады.

— Өпкө менен боору кана?— деп сурады. Карышкыр түлкүнү карады. Түлкү:

— Үңүрөйгөн жаман, өзүң жеп алып мени карайсың — деди.

Карышкырды аюу, жолборс экөө кууп кетти. Аюу менен жолборс келгенче, түлкү эттин баарын катып алды. Тиги экөө кайтып келди.

— Эт канакей?— деп сурашты. Анда түлкү:

— Мени жей электе минтип чыр кылып жатасыңар — деп, төө туруп кетип калды дептир.

Аюу менен жолборс каңгырап кала берди. Түлкү төөнүн этин жашырып жей берди. Бир күнү жолборс:

— Түлкү балам, сен эмне жеп жүрөсүң?— деп сурады. Түлкү:

— Ачка болгонумдан ичеги-карынымды чубап жеп жатам — деп жооп берди. Жолборс менен аюу:

— Өлбөйт бекенсиң?— деп сурады.

— Өлбөйт... Абдан таттуу болот экен — деп, түлкү жооп берди. Ичеги-карынын чубап жейбиз — деп, аюу менен жолборс да өлдү. Карышкыр менен түлкү калды.

Түлкү бир күнү карышкырды издеп бара жатса жолго бирөө капкан салып коюптур. Капкандын жанында бир кесим семиз койдун куйругу турат. Аны түлкү алып жей албай турса, аңгыча карышкыр келип калат. Түлкү:

— Карышкыр аке, мына бу куйрукту сага койдум,— деди. Карышкыр карап туруп:

— Анда капкан бар го? — деди эле, түлкү:

— Сакалдуу деп сага койсом, кудай алган жаман жебесең өзүм жеймин — деп, качыра турган болгондо, карышкыр түлкүдөн мурун алып жейин деп капканга түшүп калды.

Куйрукту түлкү ала коюп, сугунуп жеп жиберди. Түлкү:

— Жат, бөрү аке, жабышып, капкан менен кабышып. Эртең менен болгондо ээси менен табышып — деп, желе-жорто жүрүп кеткен экен.

## 6. ТОРГОЙ

Бир торгой учуп келе жатса, эрмендин арасына топусу түшүп кеткен экен. Торгой:

— Ой эрмен, топумду алып бер — десе эрмен:

— Топуңду алып бермек түгүл, ордумдан козголо албай олтурам — дейт. Торгой:

— Анда сени эчкиге барып айтпасамбы — деп, эчкиге келип:

— Ой эчки, тетиги жерде көп эрмен турат, ошону жесең болбойбу — десе, эчки:

— Эрменди жемек түгүл, эгиз улагымды көтөрө албай жатам — дейт. Торгой:

— Сени карышкырга жедирбесемби — деп, карышкырга барып айтат. Анда карышкыр:

— Байдын эчкисин жемек тургай, өзүмдүн ийнимди каза албай жатам — дейт. Эми сени жылкычыга барып айтпасамбы — деп, жылкычыга барып айтса, жылкычы:

— Карышкырды чапмак түгүл жылкымды жоготуп таба албай жүрөм,— деди. Торгой:

— Эмесе сени байга барып айтпасамбы,— деп, байга барып айтса:

— Жылкымды жоо чаап, жок издеп жүргөн жылкычымды тыймак түгүл, өзүмдүн казымды көтөрө албай жатам — дептир.

— Эмесе чычканга барып айтпасамбы — деп, чычканга барып айтты. Чычкан:

— Байдын казысын тешмек түгүл ийнимди каза албай жатам — деди.

— Анда балдарга барып айтып, сенин ийниңе суу куйдурбасамбы — деп музоо кайтарган балага барып айтса, ал:

— Чычкандын ийнине суу куймак түгүл, музоомду кайтарам деп жүрүп чүкөмдү уттуруп, даакымды тыттырып, араң жүрөм,— деди.

Анда торгой:

— Ой бала, сени энеңе барып айтпасамбы — деп энесине барып айтса, энеси:

— Баламды сабамак тургай, жүнүмдү сабай албай жатам,—деди.

— Эмесе сени куюнга айтпасамбы?— деп, куюнга барып айтса, анын колу бош экен, куюн келип, эненин жүнүн учуруп, энеси баласын уруп, баласы чычкандын ийнине суу куюптур. Чычкан байдын казысын тешип, бай жылкычыны уруп, жылкычы карышкырды кубалап, карышкыр эчкини жеп, эрмен торгойдун топусун алып берип, торгой ойлогонун иштетип алыптыр.

## 7. ТҮЛКҮ МЕНЕН БӨДӨНӨ (I)

Түлкү:

— Мен эч кимге алдатпаймын. Мага эч кимдин куулугу жетпейт,— деп, бөдөнөгө текеберлик кылды.

Бир күнү түлкү бөдөнөнүн уялаган жерине келип урунду. Бөдөнөнүн жумурткасын, балапанын жеп алды. Ошондо да бөдөнө түлкүгө дос болгонсуп, сыр билдирбей жүрө берди.

Бир күнү бөдөнө:

— Түлкү кошунам, мени менен тоого барасыңбы? Сенин жей турганыңдын баары тоодогу аскаларда батпай жүрөт — деп алдады.

Түлкү бөдөнөгө ишенип, экөө тоого чыгып кетишти. Бир бийик зоого барышат. Түлкү:

— Мен бул бийик зоодон коркомун — дейт. Бөдөнө:

— Корксоң көзүңдү жум. Мен ылдыйлап учамын, менин артымдан бара бергин — дейт.

Түлкү:

— Макул — деп, көзүн жумду. Көзүн жуумп бөдөнөнүн артынан жүрө берди. Ошентип бөдөнө түлкүнү зоодон учуруп өлтүргөн экен.

## 8. АЛКЫ ЖАМАН КАРЫШКЫР

Карышкыр курсагы ачып келе жатып, бир кулач чучукка жолугат. Аны жемекчи болгондо, мени жеп эмне кыласың дейт

чучук. Мындан ары барсаң семиз ак улак бар, ошону жесең тоёсуң деп жолго салат.

Карышкыр улакка келсе, улак өзүнүн кичинекейлигин айтып, кара эчкиге жиберет. Кара эчки бир шылтоо айтып, боз бээге жиберет. Боз бээ баткакка тыгылып жаткан болот.

Карышкыр чу коюп жетип барат да: — Ой боз бээ, сени мен жеймин! — дейт.

— Эмне үчүн? — дейт бээ.

— Курсагым ачка — дейт карышкыр.

— Андай болсо баткактан чыгарып жегин — дейт бээ.

Карышкыр макул болот да, баткактан тырышып жатып сүйрөп чыгат.

— Эми жейинби? — дейт карышкыр.

— Жок таманыма кат жаз, «ачкалыктан боз бээни жедим» деп, атыңды жазып кет — дейт боз бээ. Карышкыр макул болуп кат жазып жатканда бээ кош аяктап башка тебет да, чу койгон бойдон жөнөп кетет. Ошондо карышкырдын эси оол жатып айткан арманы:

Кулач чучук жебеген
Кайран башым,
Ак улакты жебеген
Аңкоо башым.
Кара эчкини жебеген
Кайран башым,
Боз бээни сүйрөп чыккан
Балбан башым —
Таманына кат жазган
Молдо башым.
Мына ошентип калдыбы —
Жолдо башым?

## 9. ТОРГОЙ МЕНЕН ТУРУМТАЙ

Турумтай торгойдун төрөгөн балдарын жеп тукумун өстүрбөйт. Кийинки жылы турумтай балдары эмес, торгойдун өзүн балдарына жем издеп жүргөн жеринен бырпыратып басып жемек чот. Торгой бошоно албай жалынат:

Кагылайын турумтай,
Согулайын турумтай,
Аркы талдын башында,
Алдейлеп сүйүп өстүргөн,
Балам калды турумтай,
Кое берсең турумтай,
Тукумумду курутпай,
Бирге тууп, бирге өскөн,
Эмне кылдым турумтай.
Киндик кесип, кир жууган
Жерим калды турумтай.
Кагылайын турумтай,
Согулайын турумтай,
Кое берсең турумтай,
Эл-жеримде эркиндеп
Мен жүрөйүн турумтай?!

Турумтай жалынганына карабастан бир канатын тыта баштайт. Торгой жалынуудан коргонууга өтөт. Торгойдун коргонгону:

Көбөйтпөй кырып балдарым,
Быйыл жутмай өзүмдү,
Антың беле турумтай,
Торгой атты курутмай,
Дартың беле турумтай.
Кагылсам да болбойсуң,
Кагылып кет турумтай,
Согулсам да болбойсуң

Согулуп кет турумтай.
Сага да бир күн кез келер,
Соймо жырткыч турумтай,
Ошондо өгөп көзүңдү
Кум куярмын турумтай.
Кайыш тилип жонуңа
Туз куярмын турумтай.

Ушул учурда асмандан бир куш учуп келип турумтайдын мээсин чокуп өлтүрөт.

## 10. ТҮЛКҮ МЕНЕН АЮУНУН ДОС БОЛГОНУ

Мурунку бир убакта түлкү менен аюу дос болуп, too кыдырып жол жүрүптүр. Түлкү абдан ачка болуптур. Ошондо түлкү эптеп аюуну жегиси келет. Анда бир айла ойлойт:

— Аюу досум, атаң ыраматылык тоолордо, аскаларда жүргөндө эң баатыр эле. Ошондой аскалардан өзүн таштап жиберчү. Сен да досум, аскадан өзүңдү таштап көрбөйсүңбү?— деди.

Акылсыз аюу көп ойлонбой, мактанып өзүн аскадан таштап жиберет экен. Аюунун буту, колу, бели сынып жаткан жерде түлкү келип арт жагын оюп жатканда аюу:

— Мени өлтүргөндө да, оңой өлтүрбөдүң го!— дептир.

## 11. ТҮЛКҮ МЕНЕН БӨДӨНӨ (II)

Түлкү менен бөдөнө дос болуп, түлкү ачка болгондо, бөдөнөнү жемек болот. Ошондо бөдөнө: — Мейли, жесең же, бир шартымды айтайын анан жегин — дейт.

— Кана айтчы? — дейт түлкү.

Анда бөдөнө:

— Бир, эки, үч, төрт, беш, алты!— деп айткын. анан жегин,— дейт.

Түлкү макул деп:

— Бир, эки, үч, төрт, беш, алтыны айтам деп, оозун ачканда бөдөнө «пырр» этип учуп кетет.

Анда түлкү:

— Аттиң ай, «алты» дебей эле «ылты» десемчи.

## 12. АРСТАНДЫН КҮЧҮГҮН АСЫРАГАН МЫШЫК

Бир мышык каңгырап жүрүп өлүп жаткан арстанга жолугат да анын жетим калган күчүгүн бооруна басып, эмизип асырайт, күчүк өсүп, абдан азуулуу чоң арстан болот. Өз тамагын өзү таап жей турган күчтүү болот. Бир күнү карды ачкан арстан өзүн асыраган мышыкты жемек болгондо мышык анын бул оюн сезип, коркуп жөрмөлөп талдын башына чыгып кетет. Ошондо арстан мышыкка мындай деп айтат:

— Ой мага ак сүтүн эмизген, асырап-баккан энем, менин тууган энемден да ысыксың. Бар акылыңды үйрөттүң, сен мага баарын үйрөтүп бакканда, эмне үчүн жөрмөлөп талдын башына чыкканды үйрөтпөдүң экен?— дейт.

Анда мышык:

— Ой кайрымдуу балам, сени мен кичинеңден боорума басып өстүрдүм, билген акыл-айламдын баарын үйрөттүм. Бирок, кулкуңуңдан коркуп, бир өнөрүмдү айтпай жашырып калдым эле, аным акыл болгон экен,— дейт. Ошондон: — Кулку жаманга жакшылык кылба!—деген кеп калыптыр.

## 13. КУУ ТҮЛКҮ

Жолборс бир түлкүнү кармап алат. Түлкү куйругун булаңдатып, тумшугун жогору көтөрүп, мындай деп айтат:

— Мени жей албайсың, мен мына бу калың токойго кожоюн болууга келгемин,—дейт. Анда жолборс түлкүгө андай карап, мындай карап сөзүнө ишенбей:

— Сен кожоюн боло албайсың го?—дейт.

— Жоке, ишенбесең, мени менен токойго жүргүн. Андагы бардык аңдардын баары мени кандай көрө тургандыгын жана

алар кандай корко тургандыгын өз көзүң менен көргүн — дейт.

Анда жолборс:

— Көрсө көрөйүн — дейт. Түлкү жолборстун алдына түшүп буттарын абайлап басып, жүрүп олтурат. Жолборсту көргөн аңдар менен куштар жүрөгү чыккандай болуп эси чыгып туш-туш жакка качышат. Үңкүр, ийиндерине кирип жок болушат. Канаттуу куштар уяларынан уча качышат. Ошондо түлкү тумшугун өйдө көтөрүп мындай деп айтат:

— Жоке, эми көзүң жеткен чыгар, менден коркпой турган жан бар бекен? — дейт. Анда жолборс айтат:

— Чынында сен абдан кадыр-барктуу экенсиң, жандардын баары сени сыйлайт экен жана сенден абдан коркот экен, — дейт. Сени менен эрегишип, сага жамандык кылууга болбойт экен деп, түлкүдөн коркуп, коё бериптир. Куу түлкү амалдуулугунан өлүмдөн кутулган экен. «Амалдууга өлүм жок» деп ошондуктан айтылат.

## 14. АЮУ МЕНЕН ЧИРКЕЙ

Дөбөдөй болгон чоң аюу муштумдай болгон коёнду кармап алып, эч бир жазыгы жок кулагынан тартып чойгулап кыйнаган экен. Кулагынын бирин бурап, бирин жулуп коё жаздаптыр. Коён катуу капаланып:

— Кулак жазылар, көздүн жашы дагы кургаар, бирок кегим унутулбас. Эмне үчүн ушунчалык кордук көрө турган жазыгым бар эле, өлүп калсам амалым жок. Аюу токойдогу аңдардын эң күчтүүсү, ал эми карышкыр менен түлкү араларынан кыл өтпөгөн ысык достор. Эми кимден жардам сурайм. Муңумду кимге барып айтамын? Ошол убакта калың камыштын ичинен:

— Мага корголо! — деген бир абдан ичке үн чың эте түшөт.

Коён көзүнүн кыйыгы менен караса, ал ичке үн чыгарган чиркей экен.

— Сен мага коргоочу болууга жарайсың? Аюуга эмне иш кылууга күчүң келет эле? — дейт коён.

— Мен ага уйку бербей тынчын кетирүүгө жараймын — деди чиркей. Ысык токойдун ичинде аюу жанын коёрго жер таппайт. Абдан тынчы кетип, калжаңдап бүлдүркөндүн жалбырагынын үстүнө жатып дем алайын дейт. Көзүн жумарга жер таба албай аюунун амалы кетет. Аюунун кулагынын үстүнөн: — Ызың-ң-ң-ызың-ңң — деген табыш чыгат. Аюу чиркейдин табышын угуп, тынчсызданат. Чиркей аюунун мурдуна келип конот дагы мурдунун ичине кирип кетет. Аюу чыдай албай бар күчү менен таманы менен мурдун ургулап жиберет. Аюу чыдай албаганынан жерге ооналактап жата кетет. Аюунун эси оойт. Чыйылдаган чиркейдин үнү кулагынан кетпейт. Аюу чиркейден коркуп, эми кай жериме коноор экен деп,— уктаган болуп козголбой тыңшап жатат. Аюунун бут жагында ызылдап жүрүп, бир кезекте чиркей унчукпай табышы жок болуп калат. — Чиркей учуп кетти го — деп турганда, чиркей аюунун кулагынын түбүнөн чым эттирип чагып алат. Аюу ордунан секирип туруп, чарк айланып, оң таманы менен кулагын кагып, уруп калганда, көзүнөн оту чыгып:

— Чиркей жайладың го!— деп, арманын айтат.— Бул эмине беймаза жаны бекем чиркей эле — деп, ал жерден качып кетет. Чиркей токойду кыдырып бутак бадалдардан койбой ызылдап аюунун артынан калар эмес. Ызың-ң-ң-ызың — деген чиркейдин үнүн угуп аюу жүгүрө берет. Жүгүрүп отуруп бир жерге келип жыгылып уйкусу келген аюу уктап кетсе түшүндө: «Токойдун ичинен аарынын уясын таап алат. Ал уяда бал абдан көп экен. Ал уяга бутун сала бергенде, «ызың-ң-ң-ызың» деген үндү дагы угат. Ал жерден чиркей аюуну дагы кууп жөнөйт. Аюу жан талашып качып баратса да чиркей тынчтык бербейт. Ызылдап, ызылдап чиркей жымжырт боло калат. Аюу тыңшап туруп, жаңгак жыгачынын түбүнө жашырына калып көзүн жумуп үргүлөп кетет. Чиркей дагы эле ызылдап жанына жай бербейт. Таң атып, күн чыкты. Аюу уйпаланып уктабай сенделип келе жатса, чиркейдин ызылдаган үнү кулагынан кетпейт. Коён чиркейге жолугуп:

— Жарайсың чиркейим — деп, көзүнүн жашы чыкканча күлүп, ыраазы болуптур. «Кичинеге чоңсунба» — дейт элде.

## 15. ТҮЛКҮ МЕНЕН ЭЧКИ

Түлкү учуп бара жаткан карганы карап, талаа менен бара жатып, кудукка түшүп кетиптир. Кудук терең болчу. Түлкү андан секирип чыга албады. Түлкү отурат да кыйкырат.

Акылдуу эчки келе жатып, сакалын силкилдетип, мүйүзүн чайкайт. Кудукту эңкейип карап, түлкүнү көрдү да минтип сурады:

— Түлкү, сен мында эмне кылып жатасың?

— Дем алып жатам, эчки. Жогоруда болсо ысык, ал эми мында жакшы, салкын!

— Суу жакшыбы? — деп эчки дагы сурады.

— Эң жакшы! Таза, муздак каалашыңча ичесиң. Кааласаң мында секирип түш, экөөбүзгө тең орун жетет,— деди.

Эчки секирип түшүп, түлкүнү басып кала жаздады. Түлкү ага:

— Эй, сакалдуу акмак, секиргенди да жакшы билбейсиң, суунун баарын чачыраттың,— дейт.

Түлкү эчкинин жонуна секирип чыгып, жонунан мүйүзүнө, мүйүзүнөн кудуктун сыртына чыгып кетти.

## 16. АРСТАН МЕНЕН ТҮЛКҮ

Арстан карыды. Аңдарды мурункусундай улап жей албай калды. Эми айла-амал менен жашагысы келди. Өзү үңкүрдө жатып: — Оорумун, жүрүүгө алым жок — деп аңдарга сөз таратат. Аңдар арстандын алын билүүгө келишти. Бирок бирөөнү да арстан кайта кайтарбады. Баары арстанга жем болушту.

Бир күнү түлкү келди. Ал үңкүрдүн оозунан ыраак туруп, арстандын алын сурады. Арстан айтты:

— Эмне үчүн жакын келбейсиң?

Түлкү:

— Мен сага жакын бара албаймын, себеби: — сага кирген из көп, бирок кайта чыккан из жок,— деп жүрүп кетти.

## 17. САГЫЗГАН КАНТИП САЙРАДЫ

Сагызган келип талга конду,
Саксайган чачын тарап койду.
«Ишиңер жүрүп жатабы» — деп,
Алыстан айтты акылсыз ойду.
Талаанын жели айдап кетти,
Таасири жок, табышмак болду.

— Уккула!— деди улуксунуп,
Шакылыктап кулпунуп.
Өөдөсүндү башкалардан,
Өзү канга жулкунуп,
Эликтеди эки жагын,
Ээ-жаа бербей булкунуп:
— Чийбаркыттан халат берем баарыңа,
— Тукабадан көйнөк берем жарыңа.
Деди дагы учуп кетти сагызган,
Мурдун чүйрүп, мурун конгон талына.
Узун тилге «урмат, алкыш» айтышып,
Калгандары күлүп калды жабыла.

Ишсиз «ишмер» жетекчиден табылат,
Өзү болсо, көлөкөгө жашынат.
Терең билбей, эмгекчинин тагдырын,
Кабинеттен карап туруп чамынат.
Өзүн дөө, өзгөнү кем санаган,
Сагызгандын сайраганын сагынат.

## 18. УЯТЫ ЖОК УЙГАК

А дегенде төрага болду,
Аябай жеп жемсөөсү толду.
Баркы-баасы күндө артып,
«Бакыт» ушундан улам конду.

Көп жегенби жарылып кетти,
Кодекс келип көөдөнгө тепти.
Бийлик путевка берип колуна,
Беш жылга «сапар» чекти.

Окуусун бүтүп, «билимдүү» болду,
Оң колунан түшүрбөйт орусча томду.
Баштагы мүнөзү жок башкача,
Байкаса керек оң менен солду.

Кыдырып көрдү, кызматтын далайын,
Кыйыгын көрбөй кантип жазайын.
Уяты жок уйпаланып жүрө берет,
Уландар берсин уйгактын сазайын.


Уйгакты көрүп келиндери «жүгүнөт»,
Уятынан алкабастан бүгүлөт.
Жабышпасын жардан алыс ыргыткын,
Жаштар эмес, кара жер да түңүлөт.

Эми звеновой уяты жок уйгак,
Эмдеп коёлу жүдөп турсун туйлап.
Өзү жөө чечен башкага сөз бербейт,
Өөнөп айттым тамсил менен «сыйлап».

## 19. ТЕКЕ МЕНЕН ЭЧКИ

Теке үлгү алып текеден
Кат жазып эчкиге арнап

Сүйүүнүн гүлүн терип, жазып
Жиберди өзүнчө бек кубанып.
Шыр эле жооп алды,
Жүрөк чынында
Кубанып калды.
Теке менен эчки
Сүйүштү жыл маал эки
Андан көп узабай
Ушактар угула берди.
Бой салбайт
Теке, эчки
Сүйөт экенсиң
Бөлөктү десе;
Ыргып секирет
Жолобойт эч нерсеге.
Көрсө
Бир семиз теке
Кат жазат эчкиге:
— Баш кошолу
Кандай эчки,
Оюңа келдиби
Аркы-берки?
Бактынын гүлү
Бизде болот
Биздин айланага,
Булбул конот —
Деп азгырат теке.
Алданат эчки
Мындай кепке.



# 2

## 20. ЧЫЧКАН, МЫШЫК, АРСТАН

Турган экен адамдар,
Индистандын жагында.
Чөбү кенен, суусу мол
Бир токойлуу жайыкта
Жапан таруу, буудайлар
Өсөт дайым жазында.
Аны ээлеп бир чычкан,
Ар жылы жатат жанында.
Буудай, таруу өсүптүр,
Чычкан төлдөп жатыптыр
Миңге жетип тукуму,
Ийнине батпай толуптур...
Өзүнө кас душманды,
Чыгарды чычкан эсинен,
Ойлободу өлүмдү
Дөөлөтүнүн масынан.
Тегеректин баарысы,
Көрүнбөдү көзүнө
Балдары өсүп миң болуп
Байкабай сүйлөйт өзүнө.
Дүнүйөсү шай болуп,
Текебер кирди сөзүнө:
— Балдарым менин миң — деди
Падыша болсун, кан болсун,
Башкача жүргөн жан болсун,
Маа теңелер ким,— деди.
Карагай, токой — чер экен,
Адам келбес жер экен,
Эми мага не балаа,
Эч өлүм жок дээр экен.
Кубатына толуптур,
Кутурганы чычкандын,
Баарыга маалим болуптур.

Эби жок көпкөн чычканды,
Имерип балаа тооруптур.

## ЧЫЧКАН МЕНЕН МЫШЫКТЫН УРУШУ

Желип-жортуп сур мышык
Буга келип калганы.
Жеткен жерден чычкандын
Жетимишин алганы.
Ийнине качып кирипти
Өлүмдөн аман калганы.
«Бул балаа кайдан чыкты?» — деп
Чычкандар ыйлап зарлады.
Кокус чыга калганын,
Кордойтуп мышык жалмады.
Мышыкка кайрат кылууга,
Чычкандын жок дарманы.
Болбосо кана чычкандын,
Мышыкты басып алганы?
Чуулдашты чычкандар,
Акылы баштан кетти деп,
Ажал бизге жетти деп,
Бейкут жаткан курган баш,
Өлүп кыйла кетти — деп;
Кайдан келди бу мышык,
Көр казбай түпкө жетти деп
Кыз чыгарып, уул үйлөп,
Кызык көрбөй дүйнөдөн,
Канчабыз өлүп кетти деп.
Оттойлу жакын кысыкка
Карматпайлы мышыкка.
— Деп кеңешип чычкандар,
Жер алдынан оттоду,
Жети күн чыкпай токтоду.
Карап турса бу мышык,

Кандай амал кылса да,
Каран калган чычкандар,
Карматпай турган окшоду.
Күнү-түнү жер кезип,
Тоо-таштуы койбой жойлоду.
Карды ачкан шум мышык
Бир шумдукту ойлоду.
Кайрат байлап келеби,
Акылы баштан учкандар?
Ийнине кире качышып,
Жедиртпейт экен чычкандар.
Башыман акыл кеткен деп,
Колума теспе алайын,
Башыма селде чалайын
Мен пайгамбар болдум деп,
Сүкүт * кылып калайын
Сонун бир сопу болоюн
Эч чычканга билдирбей,
Соолтуп көзүн оёюн.
Алдап баарын чыгарып,
Немесин койбой соёюн.
Ийиндин оозун алайын,
Айланы минтип табайын.
Деп оңбогон куу мышык,
Ийинге жакын бир жерге,
Отуруп теспе тартты да,
Отурду барып чөкчөйүп
Жерге карап бөкчөйүп
Башка тилек кылбады,
Бир ордунан жылбады.
Жумган көзүн ачпады,
Күңгүрөнүп күрүлдөп,

---

* Кыймылдабай, тынч олтуруу деген мааниде.

Өзүнчө келме баштады.
Чычкандар чыгып караса,
Жумган көзүн ачпады.
Кайгыга чындап баткансып,
Эки көзүн жаштады.
Эки кулак тикчийип
Жерге карап чекчейип,
Тамак-башы кыркырап,
Ыйлап жатат зыркырап.
Мышык минтип алыптыр.
Муну көргөн бир чычкан,
Делдейип карап калыптыр.

«Болуптур, сопу мышык» — деп
Чычкандар алды оюна,
Каадасынча бул чычкан,
Кирмек болду тоюна.

Таңыркашып чычкандар,
Көп кеңешип токтоду,
Сырткы түрү мышыктын,
Чычкан эмес чымынды
Жебөөчүдөй окшоду.
Каадасынча капыстан,
Качырбай мышык токтоду.
Кеткенсип шайы шалпыйып.
Бардык жүнү карпыйып,
Үтүрөйүп маңдайы,
Келме сүйлөп таңдайы,
Эчен ой келип башына,
Олтурган мышык кашына
Жамандык кылбайт экен деп,
Ойлоп барды чычкандар,
Куушуп ойноп чыйкылдап,
Тойлоп барды чычкандар.

Барып чычкан кеп айтат:
— Кашыңызга мен келдим,
Жейсиңби мени мышыгым,
Мен чычкан сенин азыгың,
Бүгүнкү түндө кожоюн,
Бузулуптур басыгың.
Көбүрөөк жеп чычканды,
Көңүлүң кара болгонбу?
Жегениң сиңбей өзүңө,
Көөдөңө май толгонбу?
Майга жеген мас болуп,
Акылың жарым болгонбу,
Күндөгүдөй эмессиң
Оорусуңбу өзүңүз?
Мына турам жаныңда
Көрбөйбү сиздин көзүңүз?
Көрүнгөндү койбойм деп,
Айтып жүргөн сөзүңүз!..
Азыркысын байкасам,
Ачылбаптыр көзүңүз!
Чычкандарды куткарбас,
Алгыр элең өзүңүз.
Оорусузбу, соосузбу,
Деги кандай өзүңүз?
Деген чычкан сөзүнө
Мышык абдан таң калды,
Кылырдап туруп мыя-уу, деп,
Сөз айтууга камданды:
— Акылың баштан учкансың
Айбан чалыш чычкансың.
Ачкаңыздан чыдабай
Ийиниңден чыккансың.
Мышык залим дегенди,
Мындан мурун уккансың.
Баарыңа маалим болуучу,

Ырас менин залимим,
«Азыгың арбын жыйдың деп,
Далайдын жанын кыйдың — деп,
Алданын болду кабары,
Берните келди чабары.
— Жан кыйганын койсун — деп,
Нурдан бүткөн аш берем,
Ошону жеп тойсун деп,
Чычкан, чымын башка жан,
Жан кыйганын койсун — деп.
Катуу болду буйругу,
Аның үчүн мен мышык,
Напсим тыйып турамын,
Кудайдын болду буйругу.
Буйругун кантип бузамын,
Бул үчүн токтоп турамын.
Мен токтолуп турганда,
Сен келип суроо сурадың:
«Баштагы пейлин койсун» деп,
«Пайгамбардан болсун» деп,
«Жарлыгымды уксун» деп,
«Мышыктан да пайгамбар,
Мындан мындай чыксын» — деп:
Толук берген кудурет
Чычкан сени жемекке
Менде жоктур эч ниет
Жалтанбаңар өзүмдөн
Жайымды уктуң сөзүмдөн
Коркууну менден коюңар
Мышык бизди алат деп,
Ойлонбосун оюңар
Буудай, таруу эгин көп
Камдап алып тоюңар
Капыр мышык алат деп,

Кадиктикти[1] коюңар.
Күлкүлүү жерде мазак бар
Күнөөлүү жерде азап бар.
Базарлуу жерде касап бар,
Эгиниңди мол жыйнап,
Менден коркпой жашап кал.
Ата-энеден баласың.
Сүйгөнүңдөн жубайың
Өзгөчө сендей досторду
Айырбасын кудайым,
Тобо кылып күнүгө,
Напсимди бекем тыяйын,
Кана мүйүз чыкканы,
Чычкандын жанын кыйгандан
Паана болуп жараткан,
Айырбасын ыймандан.
Деп оңбогон шум мышык,
Теспесин колго алыптыр
Сүйлөбөймүн чычкан деп,
Сукүткө кирип калыптыр.

Мыкеңдин бул сөзүнө
Чыкең абдан ынаптыр.
Жамы чычкан аттуунун
Баарына кабар салыптыр:
— Баягы душман мышыгың
Пайгамбар болуп калыптыр
Бериптир топук кудайым,
Бүтүн чычкан баласы,
«Тартпасын дейт убайым».
Мына ушинтип мышыктан
Буйрук болду биздерге,
Кара терге чумулуп
Кабарчы келдим сиздерге.

[1] Кадик — шекшибе, сактанба деген мааниде.

Чыктым таштын башына,
Бардым мышык кашына,
Көкүрөгү суу болуп,
Көздөн аккан жашына.
Көрүп туруп мышыкты,
Тура албадым кашына.
Жүргүн баарың чыгыңар,
Осуятын мышыктын,
Айтып берет угуңар.
Ак маяны кыялы,
Арпа, буудай, таруудан,
Азыкты арбын жыялы.
Ыйлабагын сопум деп,
Көзүнүн жашын тыялы.
Чын пайгамбар болуптур,
Көөнүнө ыйман толуптур.
Деп чыгарган чычкандын
Жарын тегиз угушту
Тоодогу менен ойдогу.
«Айткан сөзүн танбас деп»
Чычкандын баары ойлоду,
Кабар берди калкына,
Жамы чычкан кубанды,
Олуя мышык наркына.
Үйүндө чычкан калбады,
Мышыктан күнөм албады.
Тамырын такыр казчудай
Эгинге карап дарбыды.
Кубангандан чычкандар,
Маз[1] майрам болуп калышты.
Бири качып, бири кууп
Тамашаны салышты.
Сабагынан кыйышты
Баштарын тегиз жыйышты.

[1] *Маз* — көңүлдүү деген мааниде.

Өздөрү эгип койгонсуп,
Өз нарктарын кылышты.
Ачка турсак тоюнуп,
Чардашып баары тунушту.
(Залимдин кылган кесибин,
Момундун бири кылабы?
Чычкандар минтип жатканда,
Мышыкең карап турабы?)
Ушул эле мышыктын,
Ойлоп турган өнөрү,
Бейкам жаткан чычканды,
Көрүп мышык жөнөдү.
— Сазайын эми берейин
Немесин койбой терейин
Билгенимди кылайын,
Айбан чалыш чычкандын,
Бирин койбой кырайын,—
Деп ойлонуп куу мышык,
Чычкандын тозду эшигин,
Келгенин жайлап бир бирден
Катырды минтип кешигин,
Улам бирин«лып» басып
Баштарын жара чайнады.
Бейкам чардап дердейген,
Чычкандын шору кайнады.
Мурунку келген чычкандан
Эчтемеси калбады.

Сопу болгон куу мышык
Эми салды ойронду.
Аңкоо болуп куу мышык
Бир топ жанды сойлотту.
Пайгамбармын дегени,
Кылганы тура мазакты
Эшиктин алдын тозгону —

Салганы тура азапты.
Баарыбызды кыйратып,
Башкача кылды санатты
Мыктап сопу болдум деп,
Мышык көздү тешти да.
Алдап-соолап бул залим,
Алган тура эсти да.
Чырылдашып чыркырап,
Үч жүз балам өлдүбү
Кызыл ала кан болуп.
Өлгөнүн көзүм көрдүбү
Батарга тешик калтырбай.
Кыйласын кыргын салдыбы?
Бул оңбогон куу залим,
Эшикти тосуп алдыбы?
Качкан менен кутулбай,
Кадемим катып калдыбы?
Деп ыйлашып чычкандар,
Ары бери чааптыр.
Душманына алдырып,
Эсепсиз кыргын тааптыр.
Мышык ээлеп эшикти,
Чычкандын кетти чарасы.
Эне чычкан санаса,
Калыптыр төрт жүз баласы.
Эч айласын таба албай,
Чычкандар бугуп турушту.
Кырылып такыр кетсе да,
Кылышмак болду урушту.
Энеси мындай дегенде,
Балдары моюн сунушту:
— Казаттан моюн бурбайлык,
Качып токтоп турбайлык.
Башты байлап өлүмгө,
Талашалык эшикти,

Баш калкалап пааналар.
Кире турган тешикти.
Минтип кайрат кылбасак
Жедирет мышык кешикти.
Чычкандардын баары бүт
Эне-атасы башында:
Арпакандан найза алып
Баатырлары астында.
Чыйылдашып чуу салып
Чычкандар койду чабуулду.
Мышык күчтүү дебестен,
Бардыгы бүт жабылды.
Бөөдө кыргын болгуча,
Болумдуу акыл табылды.
Топук кылып шум мышык,
Ийиндин оозун ачпады.
Жабылып чычкан келгенде
Эч айласын таппады.
Кайсы бири качырып,
Мышыкты келип тиштеди.
Мышык аны тиктеди.
Тиктегенин мышыгың
Былчырата тиштеди.
Мышыктын үстү кан болду
Ийиндин оозу чаң болду.
Көпчүлүктү көргөн соң,
Мышык да чочуп таң болду.
Камап келген чычкандан,
Кармашканда бул мышык
Кырк тогузун алыптыр.
Туура төрт жүз чычкандын
Өңгөсү аман калыптыр.
Ушунетип чычкандар,
Талабына жетиптир.
Өлгөнүнөн калганы,

Ийнине кирип кетиптир.
Өлгөнүнө өкүндү,
Өбөктөп ыйлап өкүрдү.
Чычкандын баары ийинден,
Чыга алышпай бекинди.
Күндөрдүн бир күнүндө,
Ай караңгы түнүндө,
«Шум мышык аңдып турбу — деп,
Ийнибиздин түбүндө» —
Деп чычкандар шекинип,
Мышыкты байкап, бекинип
Бир мыктысы чычкандын
Чыкты тышка секирип,
Мышыктан кабар билишке.
Жылып келди ийнинен,
Көзүн салды тешикке.
— Залим мышык — деп айтат:
Залим мышык залимсиң
Кайда жүргөн алимсиң?
Алим болуп алдадың,
Үч жүз элүү жан болду,
Тууганымдан алганың.
Сени олуя болду деп,
Тумшукту жеп алганым.
Бизге салып кыргынды,
Кубанган ушул мазаңбы?
Өзүңөн чоң, бир жандар,
Өкүртүп берсин жазаңды.
Эки күндө, бир күндө
Эки-үчтөн чычкан өлтүрүп,
Эптеп керек кылбадың
Эби жок залим экенсиң,
Эки-үч жүзүн бир сапар
Неме койбой кырганың,
Карабастан убалга,

Залимчилик кылганың,
Беш-алты күндө түгөнөр,
Тамак кылып жыйганың.
Мышык сенден шекиндик,
Мыкталып эми бекиндик.
Мышык сага уруштук,
Мындайыңды аңдабай,
Олуя болгон экен деп,
Ойлобой туруп куруштук
Чын айтамын сөзүмдү ук,
Чыкпастыкка тырыштык.
Аңдып бизди жатарсың,
Чычкан чыгат деп жүрүп,
Ачкадан шоруң катарсың,
Деп безилдеп далайды,
Чычкан акең сүйлөдү.
Чычкандын сөзүн бүтүрсүн
Ызалуу мышык күйбөдү:
— Тыкчыңдаба чычканым,
Аман калбайт ийниңден
Карыш басып чыкканың
Мени ачка койгондой,
Ачка карап жүрүүдөй
Менин недир жазыгым
Безилдебе чычканым,
Сен болосуң азыгым,
Ырыскы кылган бизге деп,
Ырас айтам сизге деп,
Ырысыңды катырам,
Чыгаар болсоң түзгө деп.
Бирден жыйсам бир жылдык
Камдалуу менин азыгым,
Аз болгондо алты айлык,
Чыдамдуу менин сабырым.
Камалып чычкан жатарсың

Ачка өлүп шоруң катарсың
Өздөрүңөр ачка өлүп,
Өлүмдүн даамын татырсың.
Карарып баткан түн көрбөй,
Жаркыраган күн көрбөй,
Булут көрбөй, буу көрбөй
Жылтырап аккан суу көрбөй,
Кырыларсың чычканым
Жаш эт болуп маа жагар
Кокусунан чыкканың.
Кылганымды көрбөгөн
Көңүлүң сенин алаң го?
Көзүңчө жейин бирөөнү,
Бу да сенин балаң го?
Күнүнө бирин жеп жатам,
Көчпөймүн эми көп жатам.
Мени менен ойнобо,
Азыгы бүтсө кетер деп,
Асты мени ойлобо,
Үч жүз элүү чычканды
Ажал айдап мен үчүн,
Насибиме чыкканы.
Күнү-түнү чайнаармын
Так ушу жердин өзүндө
Кыштап, жайды жайлармын.
Эшигиңди тозормун,
Чыкканыңды өлтүрүп
Азыгыма кошормун.
Кудай деп мени коркутпа
Кудайыңды билбеймин,
Тозок деп мени чочутпа,
Тозокко барып кирбеймин,
Эгер кудай болсо,
Тозокко салам дегенде,
Карматпай амал табармын,

Бериште менен кудайды,
Тозокко өзүн салармын
Талдуу жерге тырмышып,
Жыгачтуу жерге жармашып,
Кегим болсо алармын,—
Деди мышык жылмайып.
Анда чычкан не дептир:
— Антип бизди аңдыбай,
Атаңдын башын же! дептир.
Насибиң бузук мышыксың.
Бузуктуктан напсиңдин,
Көп мээнетке түшүпсүң.
Суулуу жердин сайы бар,
Семиздин агар майы бар,
Адылдыкты[1] унуткан,
Ач көздүн суктук жайы бар.
Мен жердеген жеримдин,
Аз болсо алты ай жайы бар.
Эттин жытын алганда,
Чымындар учуп чыгуучу,
Кандуу-сөлдүү эт болсо,
Чымындар кылбаганды кылуучу.
Жанына жакын баргысыз
Сасып-чирип калбайбы,
Сыртын коюп, ичин бүт,
Курт талап жеп албайбы.
Бир жылдык деп өлчөгөн
Азыгыңды курт жесе
Сен өңдөнгөн мышыкты,
Төбөсүнөн уруп салбайбы?
Чөп тамырын чайнармын,
Жердин астын жайлармын,
Жете албайсың мага деп,
Жетер менден бир балаа,

[1] *Адылдык* — адилеттүүлүк.

Чоңсунган мышык сага деп,
Эгер балаа бир жетсе,
Табыла койбос чара деп —
Чычкандын сөзү бүткөнү
Намысына чыдабай
Ийинди мышык күткөнү
Мышык менен урушуп,
Чычкан кирип кеткени.
Үйүнө баарын чогултуп
Балдарга чычкан кеп айтты:
— Мээнетсиз бекер жатпайлык,
Ачкадан өлүп бир жолу,
Сөрөйүп солуп катпайлык.
Күн батыш жакка капталдан,
Таш арасын казалык,
Табылса насип баарыңа,
Тар курсакты жазалык —
Деген эне сөзүнө,
Балдары кулак салганы,
Таш түбүнөн чукулап
Ийин казып калганы.
Таамай он күн казышты
Ойдогудай тешикти,
Күн батыш жактан чыгышты,
Арпа, буудай, таруудан,
Аябастан жыйышты.
Буудайдын башын кыйышты,
Алып келип ийинге,
Арбытып тамак жыйышты.
Азыр жыргап калдык деп,
Аңгемесин кылышты.
Намыска мышык чыдабай,
Эки көзин чекчейтип,
Баягы жерде отурду,
Кош кулагын тикчийтип.

Алда кайдан бир түлкү
Жетип калды шол түнү.
Куйту түлкү жойлоп жүр,
Кыйла чычкан кырсам деп,
Душмандыгын ойлоп жүр.
Аңдабай чычкан калыптыр,
Ал түлкүнүн келгенин
Келгенде насип дегенин:
Келер замат бул түлкү
Он бир чычкан алганы,
Баштарын чайнап былчыйтып,
Ичеги кардын жарганы.
Ал түлкүнү көргөн соң,
Кокуйду чычкан салганы:
— Мээнет кылдык жол тартып,
Жол мээнетин көп тарттык,
Ушунча кылган мээнетти,
Билбеди го кудайың,
Кокуйга мүшкүл кошулуп,
Тарттык кыйын убайым.
Шаттанып чыгып күлкүсү
Бир жактан чыкты түлкүсү,
Бир жагын алды мышыгы,
Билинди иштин кыйшыгы.
Эки душман карасак
Эки жакты тооруду,
Эшикке чыккан оңбос деп,
Балдарын минтип коруду.
Камалып кантип жатабыз,
Ачкадан өлүп акыры,
Жыгачтай куурап катабыз.
Аны ойлоп бул чычкан,
Акыл кылды бар чычкан.
Амалсыз акка жазалык,
Шымаланып камданып,

Батыштан ийин казалык,
Акылды шондой кылышты.
Дагы ийин казмакка,
Катар-катар турушту,
Кара жер менен урушту
Карап көрчү калайык,
Карыптар кылган жумушту.
Беш-алтыдан басышып,
Мээнет кылып казышып,

. . . . . .

Оң түштүктөн казышып
Дагы тапты бир жолду,
Тапкан жолу кең болду,
Телегейи тең болду,
Кенелишип жегени,
Арпа, буудай жем болду.
Бул жактан көрдү арысты
Чычкандар ачка карышты
Жатыр экен бир арстан
Астына чычкан барышты:
— Таксыр сизге, арзым бар
Сөзүмдүн жоктур катасы
Ушу жерге орун алганым
Он жыл тамам болуптур,
Ордого бала толуптур.
Ушу күндө таксыр ай
Мага оңдурбас балаа болуптур.
Атадан калган тешигим,
Алдырып коюп мышыкка
Абыдан катты кешигим.
Падышалардын бадышасы
Арстан бадыша сен элең
Арызга келген мен элем.
Кыл дегениң кылайын
Тур десеңиз турайын

Жаман душман менде бар
Жардамды сизден сурайын.
Кызматыңа жарайын
Мен да сизге карайын
Бир жагымда мышык бар
Бир жагымда түлкү бар,
Жыйып алган мышыктын —
Үч жүз элүү чычкан бар
Сиз жактан ачтык эшикти
Чыгардык жаңы тешикти,
Бу тараптан арыс көрдүм
Жедирер деймин кешикти.
— Нени айтасың сен — деди
Бери жакын кел — кел деди,
Укпайт менин кулагым —
Анык билбей турамын.
Байкап турган арстан
Алаканга салыптыр
Азоолок [1] кысып койду эле
Акылдан чычкан таныптыр,
Мурунунан кан кетип
Көөдөнүнөн жан кетип,
Көкүрөгү бол этип,
Колунан түшүп арстандын
Жерге түштү топ этип.
Аш бышым талып калыптыр,
Жатып-жатып бу байкуш
Эсин жыйып алыптыр —
Жодурап чычкан бу кургур
Арстанга көзүн салыптыр.
— Оо падышам, сага не болду?
Жаандагы [2] арстандан
Көрбөдүм сендей чогоолду [3].

[1] *Азоолок* — акырын деген мааниде.
[2] *Жаандагы* — жер жүзү.
[3] *Чогоол* — орой, ачуулуу.

Падышам кылды каарды
Байкабастан сөз айтып
Сизди жаман дедимби?
Чычкандын айткан сөзүнө
Жооп айтты арстан өзүнө.
Өзүңө багып [1], мага кара
Мен эмине көрүнөм өзүңө?!
Жөн айтпайсың сөзүңдү
— Арстан-баатыр, төрөм — деп.
Абдан жакшы көрөм деп,
Кыжырымды кайнаттың
Кызмат кылып берем деп,
Атым арстан турбайбы
Сага күнүм калганда
Мени кудай урбайбы...
Арадан алты ай өтүптүр
Жана дагы бу чычкан
Жазга айланып жетиптир.
Индистандын мергени
Кийик уулап, аң издеп,
Ушу жерге келгени.
Изин көрүп арстандын
«Арстандын изи экен» — деп,
Байлады тузак бекемдеп.
Жибектен кылды тузакты
Арстан басып жеткидей
Жем байлады арстанга
Тиштеп аны тартканга
Асманга алып кеткендей
Арстанга тузак байлады
Эки кадак сасык эт
Тузагына байлады.
Жытын арстан алыптыр,
Жыла басып бул арстан

---

[1] *Багып* — карап, байкап деген маанide.

Этке келип калыптыр.
Тиштеп тартып калганы
Тишине тузак илинди
Илингени билинди.
Теги чыгып кеткени
Азуусуна байланып
Асманга чыгып кеткени.
Куруган арстан куруптур
Кундуйуп жерге жетпестен
Асылып көктө туруптур
Турганын чычкан көрүптүр.
Көрүп чычкан кеп айтат:
— Көккө улашың куп болсун
Көккө дүкөн курупсуң
Жер басканга арзыбай
Желденип жакшы турупсуң
Жер басканда балбансыз
Көзгө илинген жандардын
Көбүн жеңип алгансыз.
Жердеги орун ысык деп
Көктөн орун алгансыз,
Жерде жүрсөң мыкты элең
Не себептен падышам
Асманга өтүп калгансыз.
Чычкан минтип сурады
Жашын төгүп жамгырдай
Арстан көктө турады.
Азыр өлбөй тирүүсүң
Арызымды уккун ай
Азуулуунун бирисиң
Кичүү да болсоң тишиң бар
Кылсаң кыйла сонун ишиң бар,
Күч келди менин башыма
Арка — мага кылсаңчы
Чыгып келип кашыма

Сыртымдан адам багар дейт,
Алтоо, бешөө жыйылып
Асылып турган жеримде
Азууларым чагар дейт,
Көбөйүп келип калар дейт,
Тегеректеп башыма
Темирден нокто салар дейт.
Кол-аягым баарысын
Чынжыр менен байлаар деп,
Асылып туруп таяк жеп,
Кашыма келип канча адам
Тегеректеп турар деп
Аз болгондо үстүмө
Алты жүз таяк урар деп,
Адам уулу армансыз
Аман койбос булар деп,
Оюнга мени салар деп,
Үйрөнбөсөм чара жок
Ойронум чыгып калар деп,
Катыным жесир калды деп,
Кетирди тузак алды деп,
Сактай көр адам, жанды,— деп,
Кесепет адам баласы
Кейишке мени салды деп,
Буркурады арстаның.
Мындан билгин калайык
Текебердик болбосун.
Чычканга сөзүн окуду.
Тумшугу уу бачагар,
Душмандыгың билинди.
Тузакка билбей илиндим,
Арстанды чокуп кыйнады,
Алиги көргөн чычканга
Муну айтып арстан ыйлады:
Анда чычкан кеп айтат:

Ачууланып бек айтат:
— Айтпадыңбы сен былтыр
Эч жандар жеңип албайт деп,
Күркүрөйсүң күн өңдүү.
Күнүм сага калбайт деп
Кызматың кылып берейин,
Айтканыңа келейин
Айрып койгун мени деп,
Падышам болгун, сени — деп,
Мен зарланып ыйладым.
Кейибеймин, дечү элең,
Анда мени кор кылдың.
Азыр несин жалындың?
Сага да, сендей күч келген
Балдарым ачка бүктөлгөн,
Сен ойлондуң жамандык,
Мен тилейм сага амандык.
Душман келди сагызган,
Көзүңдүн канын агызган.
Душманды душман бийлерсиң,
Мындан кийин арыз айтам
Өзүңө жандай бийлерсиң.
Ошону чычкан айтканы
Айтып болуп бу чычкан
Үйүн көздөй кийтканы.
Ийиндин оозун ачканы
Алты кадак буудайды
Алып чыгып балдары
Ай талаага чачканы.
Сайылып келип сагызган
Буудайды жерден тергени.
Баарың келгин мында — деп,
Чычканга кабар бергени.
Мышык менен түлкүнү
Мыктылыктан өлтүргөн

Мындай ызаат келтирген.
Себеби ушул арстан деп,
Жамандыкка жакшылык
Кылбасак бизге болбос деп,
Башка жетип бүгүлүп,
Ўстун менен жүгүрүп,
Арстанга жолдош табылды
Төрт жүз, беш жүз чычкандын
Бирөө калбай жабылды.
Жибектен кылган тузагын
Чычкан кыркып түшүрдү
Арыстан жерге түшкөнү —
Өзүнчө намаз окунду,
Чычканга арстан чокунду.
Кутулдумбу, акыр — деп
Жарым күнгө олтурду.
Жакшылык кылдың мага —деп,
Алган-жеген насибим —
Арбыны калсын сага деп
Аркар, бугу алса да
Азыраак жеп баштаган
Атап коюп таштаган.
Акылмандар окусун,
Ашыкпаган, шашпаган.
Айткан акын Сагымбай,
Акыры бир күн кетет го
Бу дүйнөдөн табылбай.

## 11. ЖОЛБУН ИТ

Аңдыгандар баар алсын
Акка кошпой карасын.
Айрып айтып берейин
Жолбун ит, жолборс арасын.
Булгаары өтүк, жез така

Бирөөнүн көркү таманда
Мурунку өткөн заманда
Бир ит калган журтунда
Ээсин таппай акактап,
Жолбун болгон ошондо.
Жолбун ит жүрүп жойлоду,
Айылга жакын келгенде,
Иттер талап койбоду.
Айылдан алыс ал жүрсө
Азыгы жок тойбоду.
Жолбун ит мойнун толгоду,
Мурдун тартып ойлонду:
Бул жер мага жай болбойт
Деп талаага жойлоду.
Ошентип ойлоп жолбун ит
Жортуп чыкты талаага
Жоболоңдуу куу жолбун
Жолугар кыйла балаага.
Жолбун ит барды бир жайга
Жойлоп жүрдү бир сайда
Жону кызыл, боору көк,
Жортуп жүргөн бир түлкү
Жолугуп калды боо пайда.
Коркту түлкү түгүнөн
Маңдайлашты бул экөө,
Бир топ чеңген [1] түбүнөн.
Анда туруп ит ойлойт,
Азар түмөн иш ойлойт:
«Узун куйрук, тик кулак
Алышсам мени түк койбойт,
Ырыскы тилеп ачкадан,
Чыктым эле талаага
Узун куйрук, тик кулак

---

[1] Чөптүн аты.

Жолуктум мындай балаага.
Ушул нерсе тиштесе
Жаным тирүү калабы?
Бир жыргабай дүйнөдө
Укмушка мени салабы?
Аны ойлоп жолбун ит
Айбат кылып аркырап,
Эки көзү жаркырап,
Түрүн көрүп түлкүнүн
Жолбун ит коркуп калтырап,
Анда туруп түлкү ойлойт
Өлүмдү бу да мүлк ойлойт
«Мунун өзү таз экен
Мурунтан бизге кас экен,
Көмүлүүчү [1] кез экен.
Көрөр күнүм аз экен.
Мунун өзү тайган» —деп,
Келдим алда кайдан,—деп
Не табам деп жойлодум
Какшыган куру сайдан — деп,
Бура тартсам алар — деп
Бурдап баса калар — деп,
Кайра тартсам алар — деп
Камтый басып калар деп,
Куулук ойлоп түлкүңүз
Уксаң келер күлкүңүз,
Итке жакын жетейин,
Качырып тиштейм дегенде
Такымынан булт этип
Чыга качып кетейин,
Аны ойлоп бу түлкү
Айбат кылып аркырап,
Айнектей көзү жаркырап,

---

[1] *Көмүлүүчү* — өлүүчү деген мааниде.

Жолбунга жакын жеткени,
Жолу болгон жолбун ит
Жанын аяп качам деп,
Жардан алыс кеткени.
Түлкү ошондо сүйүндү
Тоону көздөй түйүлдү,
Ит жанынан түңүлдү.
Ырыскы тилеп кудайдан
Чыктым эле талаага,
Жолуктум мындай балаага,
Төгүлбөдү каным деп
Калды тирүү жаным деп,
Жардан кулап кетпесем
Калбайт эле жаным деп...
Ай талааны нетейин
Айылга жакын жетейин.
Как талааны нетейин
Калаага кайра кетейин.
Суу болоюн жакалап,
Касапчыны бакалап.
Кудайыма зарлайын,
Кушкананы карайын.
Мээнеттүү жаным шашканым,
Напсим калбай баштадым.
Ай талаага чыгам деп
Өлүп кала таштадым.
Аны ойлонуп жолбун ит
Сайдан ылдый желеди.
Самаганын жолбундун,
Санаасындай береди.
Эки жагы бийик жар
Алды жактан жолбун ит
Асты жагын караса
Алты төө, төрт эшек
Кыян алып бул жерде

Жыйылган экен өлүгү
Мына бул алтоо төө деди,
Малдан болгон дөө деди.
Мына бул төртөө эшек деп,
Бар санаты он деди,
Баарын алды эсептеп.
Жанында булак суусу бар,
Жаткан сасып ушулар
Кудая шүгүр дей берди,
Жара тартып четинен
Жатып алып жей берди.
Тогуз айга токтолду
Көргөн бир жан жок болду.
Төө өркөчүн кемирди
Дөбөдөй болуп семирди.
Ит майлады мурутту
Имерилип шол жерде
Тогуз ай токтоп туруптур.
Иттик кылып бадырек [1]
Баштагысын унутту.
Семирип алып зеригип
Жеке жатып эригип,
Алышууга жан таппай
Алып жээр аң таппай,
Узун куйрук, тик кулак,
Ушу күндө көрүнсө,
Койбос элем аны деп,
Калбас эле жаны деп,
Карайынчы жан жакты
Кайдан издеп табамын
Караган менен аны деп.
Аны ойлонуп жолбун ит
Дөбөгө чыгып карады.

[1] *Бадырек* — наадан.

Жогору жагы керүү экен
Келе жаткан керүүдөн
Бир топ бөрү көрөдү,
Бөрүлөргө бет алып,
Жолбун ит жонго жөнөдү.
Качырып барып бирөөнү
Каап алып кетеди.
Карабай качты карышкыр
Жолбун ит кайрат этеди.
Карышкырдын астына,
Дагы чуркап жетиптир.
Атаңа налаат, карышкырлар
Туубай карабаскырлар
Кимден мынча шаштыңар
Менден өлгөн душманды
Кайдан издеп таптыңар?
Адыр жактан сен келдиң?
Алышууга мен келдим,
Жогорку төрдөн сен келдиң
Жолуңду тосо мен келдим.
Алышууну ойлоңор —
Алың келсе койбоңор,
Же болбосо бөрүлөр
Билгенимди кыламын,
Бириңди койбой кырамын.
Арзан эмес мен деди
Азыр кылам жем деди.
Анда туруп бөрү айтат:
— Биз бөрүбүз, сен итсиң
Бир жыныстан баарыбыз
Бир-бирибизге белгилүү
Баштатан биздин алыбыз.
Аркадан келет жолборс деп,
Азуулунун асты ушул
Жолуккан адам оңбос деп,

Сиздер менен биздерден
Бир миң да болсо койбос деп.
Жолуң болгон жолбун ит
Бизге болгун жолдош деп.
Ал жолборско жолуккан
Аман, эсен болбос деп,
Арабызда сен жүрсөң
Акыры бизге тең жүрсөң
Дайраларды сүзөрбүз
Короолорго түшөрбүз
Козу, борук, токтунун
Куйругун эптеп үзөрбүз.
Адам менен энчилеш
Акыры шонтип жүрөрбүз
Бөрү болуп, ит болуп,
Аралашып калалык,
Адамдагы акыңды
Кетирбестен алалык.
Анда туруп ит айтат:
Ары кеткен ишти айтат,
— Кудай урсун барыңды
Куу ашыктан өткөндө
Кор кыласың карыңды.
Үйрүң менен жүрсөңөр
Бир жолборсту көргөндө
Шакмарланып артыңар,
Мени жолдош кылуудан,
Уялбайбы бетиңер.
Менден аман кетүүгө
Келип турат нээтиңер.
— Кайда жүрөт жолборс —деп,
Качырып барып тиштейин
Арстаның аман болбос деп,
Кызматыма жараптыр
Кылганымды жолборско

Кырдан чыгып карап тур.
Каратып койду бөрүнү
Жолборско салды сонунду,
Жолборстун барды жолунан
Чыккан менен жолборско
Не келсин иттин колунан?
Ары карап жатканда
Качырып барып жолбун ит
«Ар» — деп, барып жолборсту
Бир тиштеди жонунан.
Кайрылып туруп кабылан
Кагып алды жонунан.
Иттин шору кайнады,
Башын бирок чайнады.
Төрт аягы тыбырап,
Куйругу калды кыбырап,
Карап турган карышкырлар
Качты жолго зымырап.
Качкан бөрү кутулду,
Кайрат кылып курулай
Ит жолборско жутулду.
Арыгында аңдаңыз,
Акылга албай калбаңыз,
Түлкүдөн корккон түгөнгүр,
Семирип, сергип алган соң
Күч-кубаты толгон соң,
Бөрүнү теңтуш көрбөдү,
Жолборсту издеп жөнөдү,
Ошентип барып өлгөнү,
Ошол болду иттин көргөнү.
Коркту бөрү кутулду,
Куру кайрат кылам деп,
Ит жолборско жутулду.

## 22. КУЙКУЛ ТОРПОК, КУУ БУЛУТ

Алдыңа түшүп мен сенин,
Ак тайгандай жортпоймун.
Албарсың тургай мен сенин,
Жолборсуңдан коркпоймун.
Асмандан карды төксөң да,
Ак мөндүр болуп кетсең да,
Ак көбүк чачкан буурадай,
Алдыңа басып чөксөң да.

Алып кетчү сен эмес,
Алсыз, арык мен эмес.
Ар кимдин менчик малындай,
Айтканың сенин жөн эмес.
Аппак, майлуу денемдин,
Ак сүтүн эмдим энемдин.
Айтканын укпайм ак булут,
Асманда сендей берендин.

Арка жонум култулдап,
Кабыргам сере май алдым.
Кайрылып сени тосууга,
Качан да болсо даярмын.
Кара тукум бербестен,
Кайрадан сени саярмын.
Кадырлуу жанды барктабай,
Кайсыныма аяндым.
Каарланып сен келсең,
Карандай күчкө таяндым.
*Куу булут:*
Майым бар деп жонумда,
Мактанасың, торпогум,
Маанисин такыр билбейсиң,
Малга кыштын ортогун.

Маскара болуп бир күнү,
Өлөсүң деп коркомун.
Ак кар менен курчалган,
Айланаңыз тор болот.
Арык-торук мал үчүн,
Арылбаган шор болот.
Азык-түлүк жыйбаган,
Акыры мага кор болот.
Сарайды жакшы жаба албай,
Салаалайт тамчы шорголоп.
Салпылдап менден качарсың,
Сагалап бурчка корголоп.
Куу булутка ушинтип,
Кудайым берип жол болот.
Азыксыз майга ишенген,
Акыры кыштан нөл болот.
Көрдүм деп кыштын кордугун,
Көзүнүн жашы көл болот.

*Куйкул торпок:*

Аман болсом жазында,
Аңгемеңди угармын.
Ак топон, көп көк өлөң жеп,
Ак бороон кыштан чыгармын.
Ажыдаар өңдөнүп,
Мынчалык неге кубардың?
Айдап алып кетчүдөй,
Ак булут неге кубандың?
Айдап кетчү сен эмес,
Арык торпок мен эмес.
Аркар менен, Кулжадан,
Алы-күчүм кем эмес.
Алтайлык кышка алдырбайм,
Азыркы соккон жел эмес.

*Куу булут:*
Жай менен, кыш экөө бу,
Жамандашкан өч эле.
Жакшылап сени бакпаган,
Жалкоого айткан сөз эле.
Жакында баккан кишиңиз,
Жаман кылар өзү эле.
Анткенимдин себебин,
Аны жалган дебегин.
Айырып сени майыңдан,
Алдыңда чирийт жеменин.

Кургактабай алдыңды,
Суу, чылага жаткырат.
Жолуктуруп өлүмгө,
Жоктон ажал таптырат.
Барчындай кыраан эр кыкең,
Бариңди ахир сап кылат.

Экинчиси чөп салбай,
Арыктатат өзүңдү.
Көтөрүм кылып өлтүрөт,
Кор кылып эки көзүңдү.
Айта албассың тилиң жок,
Армандуу, кайгы сөзүңдү.

Үчүнчүсү силерге,
Чөп салгандан эринет.
Урматтап жанын жыргатып,
Уйкуга дайым берилет.
Үлүрөйгөн торпогум,
Ушинтип менден жеңилет.
Аны билип куу булут,
Айчылык жерден теминет.
Какшатып менин суугум,

Капталыңды кемирет.
Арыктап сендей куу торпок,
Артына кайра чегинет.
Алып нечен сендейди,
Ак булутуң семирет.

*Куйкул торпок:*
Келжиребе ак булут,
Кең асманга кап булут.
Суугуңа алдырбайм,
Сур жыланга чактырып.
Жайымды билет колхоздор,
Жакшы адамга бактырып.

Маяланып[1] жабылган,
Мал сарайда турамын.
Ушул айткан кебиңди,
Укпайт менин кулагым.
Бербейт колхоз мен түгүл
Бекерге котур улагын.

Тоюткору колхоздун,
Түгөнгүчө далай бар.
Абасы малга жагымдуу,
Абыдан жылуу сарай бар.
Ал сарайда багылат,
Далай торпок, далай мал.
Эрдемсинген, куу булут,
Эрегишпей өлө кал!

*Куу булут:*
Асмандап учуп келипмин,
Айдаган желге шерикмин.

---

[1] ***Мая*** — саман.

Жазында жамгыр жаадырып,
Жайкалтып сени семиртип.
Айдап баккан кишиңди,
Ай ыракмат, дедирттим.
Аркы-терки жүгүртүп,
Алды-артыңды кеңиттим.

*Куйкул торпок:*
Кайсыны айттың булутум,
Казыргы сөздү унуттуң.
Каарданып, түнөрүп,
Кар жааганың курусун.
Кара ниет нак сендей,
Карасы өчсүн булуттун.
Жазгы төккөн нөшөрлөп,
Жамгырыңды айтпаймын.
Кылчылдаткан бул кезде,
Кышкы түрүң айтамын.
Кылыгың колдон түшпөгөн,
Кыялыңды байкаймын.
Азыгым көп нак сенин,
Азабыңды тартпаймын.
Ак сарайдын ичинде,
Асыл жанды барктаймын.
Кыштай саман, өлөң жеп,
Кыйбаттуу жайым сактаймын.

*Куу булут:*
Кара ниет эмесмин,
Колхоз сенин жериңе.
Касиетиң курсун деп,
Каршы айтканың эмине?!
Карап жүрбөй күн-түн деп,
Кар жаадырдым кериге.

Кабар берип койгонум,
Кор көрсөтүп элиңе.

Чикилдеткен жандууну.
Чилде деген менде бар.
Чимкиригин агызган,
Чылгый арык сенде бар.
Чырмалышып чөп чыккан,
Чын асыл тоют жерде бар.
Чырпыгын сындыра албаган,
Чын коркунучум жемде бар.
Токсон деген агам бар,
Чилде деген иним бар.
Ал экөө бу турганда,
Мал койбостой жеңим бар.
Желдентип бороон айдаган,
Жердин бети аппак кар.
Тосуп далай сендей да,
Тоңкойтор баатыр Токсон чал.

*Куйкул торпок:*
Тогузу келсе Токсондун,
Тооктой жүнүн жуламын,
Тоютум арбын жылуу там,
Тосуп кышты турамын,
Чилде деген иниңдин,
Чырмыктай башын кыямын,
Токсон менен чилденин,
Тоготпоймун зыянын.
*Куу булут:*
Асманды бербес түрүм бар,
Ажыдаардай сүрүм бар,
Болжолу жок ышкырган,
Бороон, чапкын күнүм бар.
А болбосо саздарда,

Кара баткан кулум бар.
Кармап келсе бошотбос
Кордуу кара жиним бар.
Алсыздарды кармоого,
Аң, арык, чукур жерим бар.
Ал сыяктуу досторго,
Алдырбачу кимиң бар.

Алсыраган сендейге,
Айткан сөзүм төгүнбү?
Каяшалуу сөзүңө,
Кабыргалар сөгүлдү.
Чылага жаткан жериңде,
Чилдем алат көбүңдү.
Жылдыз кылып түгөтөт,
Жыйнаган мая, чөбүңдү.

Кыйкырамын чилдеге,
Курдашым деп жалынып,
Семизди неге астырбай,
Сен барасың карыгып,
Кесириңди тийгиз дейм,
Кетпегин деп чаалыгып.
Жаным курдаш, камчылан,
Теңим курдаш, камчылан
Баарыңдын алың келбесе
Баткагым бар артыңдан.
Баткак менен эң жарга,
Баатырым сени тапшырам.
Какшатып сендей талайды,
Кабыргасын капшырам.
Кара өлөңүңдү түгөтүп,
Кабырылтып ач кылам.

*Куйкул торпок:*
Бекер сүйлөп куу булут,
Бел кыласың баткакты.
Баары торпок тартылып,
Баткагыңда жатмакпыз.
Баткак торпок бергидей,
Баккан киши акмакпы?
Баарын аңга түшүрүп,
Багуучу тирүү жатмакпы?
Тоюп алып уктаймын,
Тосуп сени чыкпаймын.
Токсон, чилде дегенди,
Тоготпоймун укпаймын!
Колхоздун семиз малына,
Ким шерик да, ким орток,
Кыямат кайым түшсө да,
Ким сезет да, ким коркот.
Минтип айтып сарайга,
Чуркап кетти Куу торпок.

## 23. КУШТАРДЫН АҢГЕМЕСИ

Жыргап барып суу кушу
Көлгө барып ойноду
Суудан болду коргону
Эч жамандык болбоду.
Кырсык бизди торгоду,
Жырткычтар бизди койбоду.
Четке чыккан жан болсо
Бирин да аман койбоду.
Жагалмай менен турумтай,
Чакмак алып ойноду.
Кыргый деген кыйратып,

Кыйла чымчык сойлоду.
Өрттөнгөн кыргый өксөтүп,
Өмүрүнчө тойбоду.
Ушул турган боз кушка
Убал жок деп ойлоду.

Ителги менен ылаачын
Канча жанды кыйратты.
Катын менен баланы
Каң-какшатып ыйлатты.

Карчыга деген кушу бар,
Кадиксиз мерген ушу бар.
Калктын баарын кыйратып,
Каныңды төккөн ушулар.

Бүркүт деген зору бар,
Биз үчүн жайган тору бар.
Азабы көп боз куштун
Арылбай турган шору бар.
Таз кара менен жору бар,
Ал дагы бизге душмандан,
Баары боз куш баш коштуң,
Ынтымактуу болуңар.

Көк жору менен ак жору,
Көрүнөө бизге кордукчу.
Четинен серпип жеп кетет
Мындан да көрдүң кордукту.

Ак сары менен бөктөргө,
Аңдыганы балапан.
Аман-эсен төл кирбей,
Кырылды мындан кыйла жан.

Бүркүттүн зору буудайык
Күн көрбөй мындан куурадык
Кулак угуп, көз көргөн,
Ушул иш кимге ылайык.

Куш төрөсүн туйгун дейт,
Туйгундан кийин тунжур дейт.
Атак берип өзүнө,
Катылсаң бизге курдуң дейт.
Ителгинин улугун,
Илеси артык шумкар дейт.
Кыргыйдын зорун шумпай дейт
Турумтай зорун кымпай дейт
Ылаачын чоңун баарын дейт,
Баарын төксө каарын дейт,
Тумшугу жок боз кушу,
Аман калбайт жаның дейт,
Акпай калбайт каның дейт,
Четтен келсе кыйратат,
Карчыга деген залим дейт.

Күйкөнүн чоңу таканак
Аңдып жүрөт бакалап,
Аңдып жүрүп жеп кетет,
Ал дагы бизди кекетет.

Тоодон жеди уларды,
Тостуруп койду буларды,
Каргашалуу бүркүттөр,
Кара жан тынчып турарбы.

Боздон жеди тоодакты,
Боздотуп кырды оолакты,
Кара боор, кекилик,

Кача албай жүрөт бекинип.
Өтөбүз ыйлап өкүнүп,
Качып жүрүп бекинип,
Кара кунас, көк кытан,
Илегилек, чөкө таан.
Кызыталак жырткычтан,
Кырылып кетти канча жан.

Белен жеми безбелдек,
Качпаган жеми кашкалдак,
Карап койгон жан барбы,
Биздин башты бош кармап
Ак сакалың кузгунду,
Айдап жүрүп мыш кылды,
Кандайча бизди жаратып,
Бул мейнетке туш кылды.
Көгүчкөн менен бабырган,
Кутулбады жабырдан.

Үкү деген ыйык бар,
Тил билбеген кыйык бар,
Күндүз көзү көрбөгөн,
Өз билгенин бербеген,
Ырысы жок мына ушу,
Ынтымакка көнбөгөн.
Бөдөнө, чил бөлүндү,
Күзгө салкын көрүндү,
Кыйратат келсе кыргый деп,
Ойлоп жүрөт өлүмдү.

Кыргоол жүрөт токойдо,
Кара башын катынып,
Мунун да арбын шору бар,
Карчыгадан жашынып.
Торгой менен булбулду,

Тостуруп салды кургурду,
Жандын баарын бүлдүрүп,
Жамандык кылса бул кылды,
Каргашалуу карчыга,
Качкан жанды тындырды.
Сасык үпү, күкүктү,
Айдап жүрүп үркүттү.
Тамтыгыңды кетирип,
Далайды туздап сүрсүттү.

Чабалекей, карлыгач
Учуп жүрөт зыпылдап.
Кооп кылып булардан,
Коркуп жүрөт кыпылдап.
Алар да аман калган жок,
Арзан бүлүк салган жок,
Булбул чечен сайрады,
Бул сөзүндө жалган жок.

Чымчыктын баары чыркырап,
Кулак тунуп чуркурап.
Илбесиндин баарысы,
Ыйлап турат буркурап.
Көк моюн таан, көгүчкөн,
Кайра тартпайт өлүштөн.
Ала карга, сагызган,
Араң турат намыстан.
Коңкулдап ыйлап чар келди,
Чардын сөзү шар келди.
Кайрат кылып кайран чар,
Боз кушуна жар берди.

Аладуңга, көк тамак,
Айтылып өтсүн бир сабак.

Койчу кара таталбек
Козголуп өтсүн далай кеп.
Тоодак менен кара кур,
Болуп өткөн нечен сыр.
Боз кушунун күйгөнүн.
Баштан-аяк угуптур:
Куркулдай менен короолу,
Бурбай жечү коногу.
Кан ичердин ар канча,
Толуп жатат домогу.
Боз таркылдак, таранчы,
Кыргыектин азыгы.
Эжеке бээ саа, жарганат,
Эч кимге жок жазыгы.
Жылкычы кучкач жымыйып,
Кубанып турду кымыйып.
Чакылдаган чакчыгай,
Күлүп турду муну угуп.

Боз куш келип болгон соң,
Булбул чечен сайрады,
Баштан аяк уктуруп,
Баарынын көөнүн жайлады.
— Турбайлык мындай суугa дейт,
Кылалык кеңеш кууга — дейт.
Кара жанды калкалап,
Кетелик көчүп суугa — дейт.

Суу кушунун баарысын,
Көп жашаган карысын,
Талапка кудай жеткирсе,
Табайын деп баарысын.
Суунун кушун конокко
Жан калтырбай чакырды,
Башчысы куу келтирди,
Каракунас баатырды.

Боз куштан суу куш аз келди,
Өрдөк, чүрөк каз келди.
Жер жарылып чөп чыгып,
Бул мезгилде жаз келди.
Аңыр келди аңкылдап,
Айтып сөзүн даңкылдап.
Суучул кара чакылдак,
Бу да келди шакылдап,
Анын арка жагынан,
Тартар келди такымдап,
Эчки маарак, кашкалдак,
Ызгыт менен ак чардак.

Канаты жаман кара каз,
Көлдүн четин булгаган,
Куунун кылган жарлыгын,
Бу дагы эки кылбаган.

Ызгыч келди ырсылдап,
Баарынын арка жагынан.
Боз куш менен суу кушу,
Кеңешин кылды абыдан.
Булбул чечен кеп айтат,
Муңун, зарын эми айтат:
— Кел мында, баатыр куу төрө,
Арзымды уккун деп айтат.
Бүлүнгөнү көп болду,
Бизге кыйын эп болду.
Азапты таштай катырып,
Карчыга бизди жеп койду.
Ынтымакка келсеңер,
Суудан орун берсеңер,
Тугандыктын жөнүнөн,
Ушул сөзгө көнсөңөр.

Ийри тумшук куу тырмак,
Душманыбыз көбөйду.
Суу болбосо жан калбайт,
Көрсөттү далай өнөрдү,
Суу жалгыз сенин сууңбу,
Көпчүлүктүн суусу дейт,
Кеңешип бизге орун бер,
Суу кушунун куусу дейт.
Куу туруп анда кеп айтат:
— Кутурбаңар — деп айтат,
Аз деп бизди кордобо
Өзүңдү өзүң зордобо.
Чырпык өзүн талмын дейт,
Чымчык өзүн жанмын дейт.
Каадаланып өзүнчө,
Короолу өзүн канмын дейт.
Булак өзүн көлмүн дейт,
Көл турсун аккан селмин дейт.
Даражасын көтөрүп,
Ташбака өзүн элмин дейт.
Үңкүр өзүн үймүн дейт,
Чымын өзүн биймин дейт.
Жаман журтка туш болуп,
Чымын жүрүп чыңылдап,
Чиркей жүрөт кыңылдап,
Мунун баары канмын дейт.
Өз-өзүнө бармын дейт.

Кузгун турат карыңар,
Буга кеңеш салыңар.
Суу менен бирлик орунду,
Ынтымак менен алыңар,
Булбул турат чечен ден,
Торгой турат эшенден.
Элге-журтка эп айтып,

Куунун сөзү басылды,
Адилдик менен айтты деп,
Калктын чери жазылды.

Кары кузгун калыс деп,
Калыстыкка алышты.
Кеп-кеңештин баарысын,
Карт кузгунга салышты.

Кузгун калды жымыйып,
Кудай мага берди деп.
Элдин баары ишенип,
Иши мага келди деп.

Булбул турат шаңкылдап,
Кузгун аба, сүйлө деп
Бузгаң, бурган бузуктун,
Бузганына кирбе деп.
Кузгун кирди кеп баштап,
Кеп баштаса деп баштап:
— Миңге чыккан карымын,
Улууңармын баарыңын.
Бий болуучу мырзаңдын,
Мен билейин анығын.
Анык жерден уктуруп,
Айтып берсем тарыгын,
Турнаны бий кылсак,
Жөн жүргөндө чуусу көп,
Кыргый баштан кетпейт ко
Кууну каалап бий кылсак,
Сууга кетет чөмүлүп,
Жалгыз жанга көрүнбөй,
Жатып калат көмүлүп,
Тоодакты шайлап бий кылсак,

Бозго кетет бөлүнүп,
Көпчүлүктүн ичине,
Бизге келбейт көрүнүп.

Мурду оңколуу сулууча
Кара жигит ким деген?
Сурадым жөнүн силерден,
Айлыбыз жакын жүрбөгөн.
Ушу кимдин баласы,
Бар сыпатын карачы!
Бир бий болсо бул жигит,
Бий болуучу бала экен,
Сурадым жөнүн силерден,
Мен карыган — билбеген.
Тааныбайм шону — дейт,

Укканым жок сөзүн дейт.
Аңдып көрсөм артыкча,
Акыл-эси даана экен,
Аңдап көрчү, балдарым,
Айлачыл болор бала экен,
Элге-журтка эп болсо,
Мен бийлеген кеп болсо,
Бий кылсаңар канетет,
Бийлик берип балага,
Сый кылсаңар канетет?

Кары кузгун кеп айтат,
Как ушундай деп айтат.
Өз баласын көрсөтүп,
Өрмөгү бузук кеп айтат.

Теңдикке кузгун келбеди,
Калысын сүйлөп өлбөдү,

Баласынан башканы,
Жан ордуна көрбөдү.
Кузгун курсун кеп эмес
Бул айтканы эп эмес,
Башка кеңеш кылалы,
Жайланып жакшы тыналы.

Кузгун болсо жыйындын,
Чыгып калды четине,
Пейли бузук каткан чал,
Баласын кармап бетине.
— Зордугуна көнбөйбүз,
Залимге орун бербейбиз.
Көпмүн деп бизди кордосоң,
Кепке-сөзгө келбейбиз.
Абалкы кепти өткөрүп.
Армандуу болуп өлбөйбүз,
Айыкпаган чыр турат,
Айтып өлчөөр сыр турат.
Ортобузда талашкан,
Бийлик менен суу турат.
Үмүт кылып бийликтен,
Тоодак менен куу турат.
— Сууну сайып башына,
Бийликти коюп кашына,
Ат жарышты салалы,
Армансыз болуп калалы,
Талашпай суу бийликти,
Чыкканыбыз алалы.
Учкан куштан тандайлы,
Армандуу болуп калбайлы.
Болом деген боз кушу,
Ушул сөздөн танбайлы.
Булбул чечен шаңкылдап,
Сайрап турду элине.

Суу кушунан тандалып,
Кыл куйрук чыкты камданып,
Боз кушунан кара боор,
Бу да чыкты тандалып.

Чыкканы байге алышка,
Кардыгач чыкты калыска,
Айдады атты алыска.
Бузулбасын бул иш деп,
Бул иш болду дурус деп,
Албан түрдүү кеп айтып,
Булбул чечен сайрады.
Булбулдун кылган чегине.
Учкулдугу жанда жок,
Кардыгач атты айдады.
Болжогон жерге жеткирип,
Кайтарды атты алыстан,
Учкучуңар чыгыңар,
Ушу бүгүн жарыштан.

Кайра тарткан жеринде,
Кара боор кыпылдап.
Жел көтөрүп канатын,
Жеткирбеди зыпылдап.

Бул кара боор чыгат деп,
Чыкканда сууну жыгат деп,
Кара боор чыкты деп,
Калктын баары укту деп.
Кара боордон калат деп,
Байгени боз куш алат деп,
Суу кушунун убалы,
Мойнумда менин калат дел.
Кыл куйрук шумдук ойлонду,
Кара боорду торгоду:

— Тамак жебей карыштың,
Алыс жерден жарыштың,
Жарышам деп алыстан,
Чаңкап суусап чөлдөдүң,
Учуп жүрүп асманда,
Уйку бетин көрбөдүң,
Сен кумга конуп салкында,
Таранып жүнүң жалтылда,
Азыраак конуп дем алып,
Анан учуп шартылда.
Мен көлгө барып коноюн
Көлбөп жыргап оңоюн
Талыкпастан таранып,
Тамакка мыктап тоёюн
Ага чейин артыңдан,
Карлыгач келет калыстан,
Карын тойбой жарышып,
Каржалып калдык алыстан.

Кыл куйруктун бул сөзү
Кара боорго эп болду,
Алдатып салды куйрукка,
Аңгемелүү кеп болду.
Чүрөк конду көлүнө,
Чүмүлө турган жерине.
Ойлонбой куйрук шумуна,
Кара боор конду кумуна.
Ашып-шашып кара боор
Кумга оонап жүнүн тарады,
Кандай иш кылып жатат деп,
Куйрукту суудан карады.
Караса сууда куйрук жок,
Мындан кыйын шумдук жок.
Көрүнбөстөн бөгүптүр.
Суу түбүнө чөгүптүр.

Какеңди алдап салыптыр,
Эчак кетип калыптыр.
Алдатып салдым итке дейт,
Капалык түштү ичке дейт,
Какайып учуп зыпылдап,
Кара боор шыпылдайт,
Байгеге жакын барганда,
Арасы жакын калганда,
Кужурлуу ичи күйүптүр,
Кубалап жандап калыптыр.
Кара боор калды деп,
Калыстар айтып салыптыр,
Бийлик менен сууну
Суу куштары алыптыр.

Кара боордун калганын,
Тоодак айтат арманын:
— Куу төрө бизден сууну алдың,
Арылбай турган чуу салдың.
Кошуп алдың бийликти,
Кылбадың оокат тирликти.

Ат салыштык арман жок,
Ал сөздө арман калган жок,
Кубанып турган кезиң бул
Куу төрө бийлик кут болсун
Боз куш менен суу кушу
Ынтымак кылып журт болсун.
Ким ойлобойт айланы
Журтка келчү пайданы
Буюрган ишке айла жок
Куу төрөң алды байгени.
Таңдайы таңшып жарылган,
Чечендин баары менде эле
Таң атканча сайраган

Нечендин баары менде эле
Үнүн баспай үү деген
Эшендин[1] баары менде эле
Аярлык менен алдаган,
Жулуктүн[2] баары менде эле
Кыргый кууса жеткирбес,
Күлүктүн баары менде эле
Саратан салкын шамал жок
Буйрук ишке амал жок
Өткөн иш өтүп кетүүчү
Өткөн иш келер заман жок.
Көчүгүм тоодой томпойтуп
Өзүм барбай жарышка
Өзүмө бул иш чала дейт
Тагдырга барбы чара дейт.
Бийлеттим кууга башымды,
Алдырдым өлөң сазымды
Карчыга менен ылаачын,
Сурамак болду жашымды
Калтырып кеттиң бийликтен,
Турна деген тазымды.

Бир иш өтүп кеткен соң
Куу максатка жеткен соң
Көөнүң келсе бий кылгын
Каркылдап жүргөн казыңды.

Арманын, муңун калтырбай
Айтып тоодак басылды.
Кара жаны калбады,
Кара боорду каргады
Айыкпасын ооруң дейт

---

[1] Лакап боюнча куштардын эшени, ыйыгы үкү болот имиш.
[2] *Жулук* — 1. Жулик. 2. Эки жүздүү.

Карарып калсын бооруң дейт
Кыска болсун колуң дейт.
Кызыл кум болсун ордуң дейт.

## 14. ЖЕР ЖАНА АНЫН БАЛДАРЫ

Бир-бир баштан баяндап,
Билдирип өтөм кабардап,
Эң биринчи жол алып,
Жамгыр сөздү баштады.
Өзүнүн боюн көтөрүп,
Айтар сөздөн шашпады.

*Жамгыр:*
— Дүйнөнү бүтүн жашарткан,
Менден башка кайсыңар?
Жашартканың бар болсо,
Жашырбастан айтыңар!
Желип өткөн жеримен,
Жер тамыры жазылат.
Басып өткөн жеримен,
Байчечекей ачылат.
Жер жүзүнө бүп-бүтүн,
Менин нурум чачылат.
Асмандан төгүп тунук суу,
Жерге берем тирчилик.
Жер жүзүнөн жай алган
Элге берем тирчилик.
Баарына көк жедирип,
Малга берем тирчилик.
Дыйкандар айдап көгөрткөн
Данга берем тирчилик.
Аркар, кулжа, ак кийик
Аңга берем тирчилик.

Кургак чөлдө суусаган,
Куланга берем тирчилик.
Басып турар буту жок,
Жыланга берем тирчилик.

Курт, кумурска жана да,
Көпкө берем тирчилик.
Жер жүзүндө ар түрдүү,
Чөпкө берем тирчилик.
Өзүнө куйган өзөн жок,
Көлгө берем тирчилик.

Эл барктабай кууралган,
Чөлгө берем тирчилик.
Ушул чөлдү сактаган,
Элге берем тирчилик.

Кумду майдай балкытып,
Ташка берем тирчилик,
Ар бир жандын өзүнө,
Башка берем тирчилик.

Суу мактанат — «агам» — деп,
«Жандын баарын багам» — деп,
«Бардык жанды бүтүндөй,
Багууга келет чамам» — деп.
Андай эмес суу эне,
Колуңдан келбейт жеп-жеке.
Сага менден жардам бар.
Менден жардам болбосо,
Ага албайсың мындай шар.
Жер жүзүндө суулардын
Себеби менден булардын.
Менден жардам болбосо,
Өзөнүң кургап сай болот,

Мактанбагын суу аке,
Баарыңдын жолуң байланат.
Калкайып калың кар жатат,
Кара тоонун башында
Бул дагы менин жолдошум,
Ар качан менин кашымда.
Жамгыр айтып токтолду,
Суунун сөзү козголду.
Дария-көлдөр чайпалып,
Жамгырга карап октолду.

*Суу:*

— Жамгыр өзүн сел ойлойт,
Кудук өзүн көл ойлойт.
«Толтурам» деп, — деңизди,
Кесирдүү сөзүн түк койбойт.
Дүйнөгө бүт чырмалып,
Деңиз жатат сел болуп.
Жер жүзүндө нечен суу,
Кошулуп жатат көл болуп.
Атагың — жамгыр, өзүң суу,
Аңгемең сенин мына бу.
Мактанбагын өзүңчө,
Деңизден чыккан сен бир буу.
Анык жери күркүрөп,
Асманга булут дуулаган.
Дария, деңиз, көлдөрдөн,
Сурап булут суу алган.
Асманды курчап бүркөлүп,
Суу алган булут куралган.
Жайыраак жааса жымылдап,
Адам сүйүп кымылдап.
Катуу жааса бургактап,
Борошолоп шыбыргак.
Күн күркүрөп тарсылдап,

От чагылып жаркылдап.
Мөндүрдүн баары сел болуп,
Талаанын баары көл болуп,
Адырдын баары жар болуп:
Агын суулар шар болуп;
Күндүн көзү тутулуп,
Мөңгүнүн башы бузулуп,
Булут минтип алышкан.
Мунун баары күч менен,
Тарсылдап асман атышкан,
Жаандын баары күч менен,
Мунарык туман кубарган,
Жердин жүзү тунарган.
Мунун баары мурунтан,
Булуттун күчү куралган.
Булут көчүп бузулуп,
Бирине-бири урунуп,
Ачык туруп асман жер,
Айланып булут курулуп,
Күн күркүрөп тарсылдап,
Чагылган учуп жаркылдап.
Булут көчүп бөлүнүп,
Кызыл мунар көрүнүп,
Сыдырым сыргак жел болгон,
Жердин баары сел болгон,

Себеби, булут тумандан,
Жел соккон кызыл мунардан.
Суудан бул сөз чыкканда,
Бул сөздү жамгыр укканда,
Эми шамалдын келди кезеги,
Үчүнчү болуп эсеби.
Шамал суудга кеп айтат:

*Шамал:*

— Шаркырабай үнүңдү,
Баса тургун деп айтат.
Мен кызмат кылдым өзүңө,
Кулагың салчы сөзүмө,
Сага кылган жардамым,
Көрүнбөдү көзүңө.
Албай кетип барасың,
Ансайын күчөп эсиңе.
Эсирбегин мактанып,
Эми тийдиң безиме.
Көккө чыкса бууланган,
Жерге түшсө дууланган,
Булут менин колумда.
Түшкөн жери бууланган,
Сыбызгы, сыргак соккон жел;
Мунар менин колумда.
Күндүн жүзүн бүркөгөн,
Туман менин колумда.
Асманда жүргөн жаркырап,
Айдын нуру колумда,
Көктө жүргөн жаркырап,
Күндүн нуру колумда.
Кезегимди кетирбейм,
Тополоң салып заркырап,
«Шамал келип калды» — деп,
Качат баары чуркурап.
Булут, туман мунарык,
Болду түшүп колумда.
Ар кимисин ар сайдан,
Айдап салам жолуна.
Эч бир нерсе чыдабайт,
Кайратымдын зоруна.
Саратан жайды кыш кылам,
Калсын деп атак соңума.

Мен каарымды төккөндө
Булактын баарын муз кылам,
Эсиңден чыккыс иш кылам.
Суукту салып ушундай
Суу аке сени мыш кылам.
Мактанасың сүйлөйсүң,
Баркымды неге билбейсиң?
Чеберсинип мактанып,
Жөнүң менен жүрбөйсүң.
Саратан жайда кыш кылган,
Шамалдын өзүн ким дейсиң?
Береке шамал, булутта,
Же муну көзгө илбейсиң.
Сенин шаркыраган добушуң
Шамалдын салган айласы.
Суу аке түк да билбейсиң,
Шамалдын ушул пайдасы.
Кыш чилдеде күтүнөм,
Кызматымды бүтүрөм
Бөксөгө чыгам бөлүнүп,
Эл көзүнө көрүнүп.
Сага жардам кылгандан,
Жатпайм түк да эринип,
Ала-Тоо башын курчаймын,
Аянып карап турбаймын.
Сага жардам кылгандан,
Тартынып башым бурбаймын,
Тоонун башын тунартып,
Оңой жардам кылбаймын.
Калдайган мөңгү муз кылып,
Кардын баарын жыйнаймын.
Карды жыйнап тоо кылып,
Кайратымды сындаймын.
Токсон чилде чыкканча,
Тоо башынан жылбаймын.

Кайратың сенин ушубу?
Суу аке, кылба кусурду!
Мелтиреген көк жалтаң
Бетиңден көрдүм нуруңду,
Кантээр айла таба албай,
Кара жаның кысылды.
Көйрөңдүк кылып мактанба
Көргөн күнүң ушулбу?
Токсон чилде кеткенче
Чың этип үнүң угулбайт.
Суук чилдеде сенделип,
Сендей пенде чыга албайт.
Токсон чилде кыш өтүп,
Жадырап жайнап жаз жетип,
Басып жаткан муз кетип,
Мелтиреген бетиңди,
Жөө туман тарап бөлүнүп,
Жердин жүзү көрүнүп,
Торгой сайрап тил ачып,
Күкүк сайрап үн ачып,
Булактын көзү сызылып,
Бөксөдөн мөңгү бузулуп,
Калп айтпагын озунуп,
Кардын баары кошулуп,
Киресиң анан тилиңе,
Тийбей жүр менин жиниме!
Адамдар сүрдөп бара албайт,
Күрүлдөгөн үнүңө.
Күчүң болсо суу ана
Күзүндө неге кирбейсиң?
Мактанасың, сүйлөйсүң,
Баркыңды өзүң билбейсиң.
Токсондун күчүн токтотуп,
Кышында неге кирбейсиң?
Түк жумуш келбейт колуңдан,

Мактанып неге сүйлөйсүң?
Торгой сайрап тил ачты,
Булбул сайрап үн ачты.
Жазда баары жашарып,
Байчечекей гүл ачты.
Саратан жайлоо өткөнчө
Салкын күз сызып жеткенче,
Ала-Тоонун башынан,
Калкайган карлар кеткенче,
Асмандан түшүп буу келет,
Калкылдап агып кар келет,
Кардын суусу шар келет,
Бөксөдөн мөңгү бузулат,
Бул да келип кошулат.
Күрүлдөп үнүң басылбайт,
Күкүк болуп күүлөнүп,
Айбаттана түшөсүң,
Ала-Тоодон кар эрип,
Бул шамалдын кылган жардамы,
Алда канча сүр берип.
Шамалдын баркын билбейсиң.
Мактанасың, сүйлөйсүң,
Баркыңды өзүң ойлонуп,
Аяң кылып жүрбөйсүң.
Менин башкача кылган өнөрүм,
Байкаймын иштин келээри.
Таң атарда сыбызгы.
Күн батарда муздак жел,
Баарысы менин колумда —
Чалкайган тиги салкын төр.
Жан-жаныбар жалпынын,
Черин жазат сыбызгы.
Эрте турган адамдын,
Көөнүн ачат сыбызгы.
Кечки соккон сыргак жел,

Бул да жазат чериңди.
Аба адамга пайдалуу,
Сактайт жакшы демиңди.
Эрте-кеч жүрсөң салкындап,
Көтөрөт сенин көөнүңдү.
Өзүм болсо токтобой,
Көп кечикпей жетемин.
Сасык, бузук жыт болсо,
Айдаган бойдон кетемин.
Көп кечикпей барганым,
Көпкө кылган жардамым.
Жаман жытты жолотпой,
Алыс айдап салганым.

*Суу:*
— Мактанбайм — деп, мактандың,
Өзүңдү айтып актандың.
Сен жобурап сөзгө киргенде
Жолуңду тоспой сактандым.
Аккан суу менин атагым,
Эч кимге жок чатагым,
Эч ким менен чырым жок,
Аккан бойдон жатамын.
Муздактан музду эритип,
Сайдан чыгат аккан суу,
Адам айран калгандай,
Жайдан чыгат аккан суу.
Өзүңдө кубат болбосо,
Кайдан чыгат аккан суу.
Күнү-түнү тынбастан,
Агып турат аккан суу.
Жандын баарын суусатпай,
Багып турат аккан суу.
Ичкен жанга дем берип,
Жагып турат аккан суу.

Жан бүткөндүн баарына
Насип болгон аккан суу.
Жардам берип баарына
Азык болгон аккан суу.
Жүзү, колун жууганда,
Таза кылат аккан суу.
Түгөнбөстөн токтоосуз,
Келип турат аккан суу.
Түк токтобой ырыскы,
Берип турат аккан суу.
Эгин эккен жерлерге,
Келип турат аккан суу.
Буруп алсаң оюңа,
Көнүп турат аккан суу.
Суусаганда жагымдуу,
Балдан таттуу аккан суу.
Баркын билген адамга,
Абдан таттуу аккан суу.
*От:*
— От болуп чыктым жаралып,
Оттук таштан таралып,
Табым ысык күйдүрөт,
Жандын баарын сүйдүрөт.
Айтып берген сырыңды
Бизден өйдө жериң жок,
Жашырып калар кебиң жок,
Текебер көп өзүңдө,
Күрүлдөйсүң чениң жок.
От туруп анда сүйлөдү:
— Шамал, сууну сүйбөдү,
Текебер деп өзүмдү,
Айтып өттүң бир катар
Тескери айтып сөз менен
Чарпып өттүң бир катар.
Шамал мага кызматчы,

Өчкөн болсом күйдүрөт.
Жарыгыма кубанып,
Баркымды журтка билдирет.
Караңгыны балкытып,
Шамдай кылам нур менен.
Ишене бер сөзүмө,
Ишим болбойт чыр менен.
Тоңгондорду эритем,
Үшүгөндү жылытам.
Чийки болсо бышырам,
Бышык болсо күйгүзөм.
От адамга эрмек деп,
Барлык элди сүйгүзөм.
Канча жандын баарына,
Кадырымды билгизем.
Жандын баарын кубантып,
Кабагын ачык күлгүзөм.
Баары жоктун баарына,
Пайдамды артык тийгизем.
Асмандагы жаркырак,
Айдын нуру өзүмдө.
Айтсам чыкпайт эбимден,
Ай дагы менин сөзүмдө.
Көпчүлүктү жыргаткан,
Күндүн нуру өзүмдө.
Күйдүр десем күйдүрөт,
Күн дагы менин сөзүмдө.
Мактанбайын баары чын,
Адилдик бар сөзүмдө.
Ашык сөздү айтпаймын.
Айыбым жок өзүмдө.
Баары журттун шамымын.
Жаркыраган таңымын.
Жердин жүзүн нурлантткан.
Жарыгымын баарынын.

Баары журтка белгилүү,
Маалим болгон тарыгым,
Баштан аяк дайындап,
Айтып өттүм аныгын
Жамгыр, шамал, от да, суу,
Сөздөрүн айтып токтолду.
Булардын сөзүн укканда
Жер кыймылдап козголду.

*Жер:*

— Балдар, сөзүм угуңар,
Кулак салып туруңар.
Ырас жери мактанбай,
Бир ынтымак кылыңар.
Жол талашып урушпай,
Ынтымак болсун тобуңар.
Ынтымактуу болсоңор,
Ошондо болот жолуңар.
Мен болсо балдар карыңар
Сөзгө кулак салыңар,
Калбассыңар катардан,
Сөзүмдөн нуска алыңар.
Жаратылып жер болуп,
Атаңар болуп аталган,
Сабырымдын барынан,
Калганым жок катардан.
Текебери көбүнөн
Шайтан болду азазил
Мактангандын жаманын
Балдарым муну байкай бил
Бүтүн дүйнө шамал, суу,
Баарысы менден таралды.
Жалганчы залим болбостон,
Адил сүйлө адалды.
Залим болсоң жалганчы,
Көрөсүң акыр залалды.

Өзүңдөн өзүң мактанбай
Өлчөп жүргүн чамаңды!
Көтөрүлгөн көп акмак,
Көлүккө түшүп камалды.
Көөп кетмек наадандык,
Көтөрүлбөй жүрүңөр,
Атаңар айткан бул сөздү,
Акылдуу балдар билиңер.
Сабырымдын барынан,
Санга кирдим жер болуп,
Үйүп, жыйып толтурдум,
Үстүм толгон эл болуп,
Дайра, чалкар көл болуп,
Мухит деңиз сел болуп,
Аркайган Ала-Тоо болуп,
Асманга жакын зоо болуп,
Менин атым кара жер,
Жүк көтөргөн балбан эр,
Жүк көтөргөн атаңдан,
Балдарым, пайда ала бер.
Анык жери түз жүрүп,
Өзүңдү жөнгө сала бер.
Түз жүрбөгөн ийриси,
Казган ордо кала бер.
Байкаңар, балдар, сөзүмөн,
Чыкпасын бул сөз эсиңден,
Баары жоктун баарысы,
Пайда тапкан өзүңдөн.
Бул жолдун өзү аман жол,
Жалпы балдар аман бол.
Ушул жолду көрсөткөн,
Атаңардай болсоңор,
Таап салган бул жолду,
Жашасын балдар атаңар!
Жайдары заман бактыңар.
Балдарым эми жашаңар!

## 25. КУБА КОЙ МЕНЕН ЭЭСИНИН АЙТЫШКАНЫ

*Ээси:*

— Каргашалуу Куба кой
Күндөп-түндөп жөтөлүп
Убайыңды көрбөдүм,
Убара болуп көтөрүп,
Өпкө, боордо териң жок
Же кагынып кеткен жериң жок.
Салаадан чыккан жүнүң жок,
Жакшылык кылар түрүң жок.
Куба кой мени куруттуң
Бакканымды унуттуң.
Жазында сени Куба кой
Ырандуу жерди көктөттүм
Ою менен жесин деп,
Катыш чөптү оттоттум.
Токтоп чөптү жесин деп,
Алдыңдан тосуп токтоттум.
Мал деп сени сыйладым,
Башынан багып жыйнадым.
Баккан сайын жөткүрүп,
Жанымды минтип кыйнадың.
Көктөмү калса келишпей,
Көрөмбү койдун өзүнөн,
Түбүндө мага мал болбойт,
Түңүлүп калдым өзүңөн.
Кашка беде, жылтыркан,
Оттоп жүрдүң Куба кой,
Эркиң менен жайылып,
Токтоп жүрдүң куба кой.
Өтөккө салдым өзүңдү,
Үлүрөйтпөй көзүңдү,
Убара кылдың бир далай,
Ук, Куба кой сөзүмдү.

Кара өтөк болду жатканың,
Каржалып сени тапканым.
Мындан артык Куба кой,
Кандай болот бакканым?

Эл жайлоого чыкканда,
Аста секин айдаттым,
Салкын чөбүн жедирип,
Кабыргаңды майлаттым.
Эзилген шибер жалбырак,
Эркиң менен чайнаттым,
Эмгегим зая кетирип,
Баспай шорум кайнаттың.
Тогуз төбө, мекири,
Толук чөптү ашаттым,
Ажырык, ак чөп жедирип,
Арманың жок жашаттым.
Балтыркан менен кымыздык,
Даамдуу чөптү жедирдим
Ушунчалык семирген,
Кой кимдики? — дедирдим.

Көк шиберди чалдырдым,
Шибердүү жерге оттотуп,
Аябай шоруң кандырдым,
Ал кызматты тандырдың,
Карагайдан коо кылып,
Таза туздан салдырдым,
Арбак урган Куба кой,
Аябай тузга кандырдым.
Оюң менен шордодуң,
Ал кызматка болбодуң,
Акырында Куба кой,
Бакпадың деп кордодуң.

Аппак туздан кемирдиң,
Жайкалып жакшы семирдиң.
Семиргенде жон алдың,
Төөдөй болуп ком алдың,
Семиргенде жон алган,
Майың кана, Куба кой?
Секирип качкан сезденип,
Шайың кана, Куба кой?
Төрт ай оттоп семирген,
Этиң кана, Куба кой?
Жеген чөпту танасың,
Бетиң кана, Куба кой?

Күз болгондо Ак-Сайдан,
Айдап түштүм жылдырып.
Бакканымды тандырдың,
Куба кой мени сындырып.
Ат башыны күзөттүм,
Жайытыңды түзөттүм,
Куба кой билбей баркымды
Бакканымды күчөттүм.
Аста-секин токтоттум,
Аңыздын чөбүн оттоттум.
Беденин гүлүн жедирдим,
Береке тапкын дедирдим.
Жылтыркан, шыбак жедирдим,
Жыргал ушу дедирдим.

Айтканымда жалган жок,
Айтар сөзүм калган жок.
Кутуруп өлгөн корум ай,
Куба кой сенде арман жок.
Кышка калбай өссүн деп
Эрте кырктым жүнүңдү.
Кесири бар Куба кой,

Келтирдиң менин жинимди.
Кыш камыңды ойлодум,
Кой деп жүрүп кор болдум.
Билбедиң коюм сырымды,
Сала кой азыр чырыңды.
Кышында тоону кыштаттым,
Суукка качан муздаттым.
Желим болду жегеним,
Сай-сөөгүмдү сыздаттың.

Кара күңгөй, Кең-Керме
Кыштаткан жерим келишти,
Ойлонбопмун ок тийип,
Куба кой минтип өлүштү,
Айдаган жолго баспадың,
Онтогон үнүң жазбадың.

Буздуң коюм, суруңду,
Билбедиң менин сырымды.
Куба кой сенде жазык көп,
Курулай ыйла ыйыңды,
Мени мынча күйдүрүп,
Көрсөттүң коюм кыйынды.
Уят кылдың өзүмдү,
Укпаймын сенин чырыңды.

*Куба койдун айтканы:*
— Кара тумшук ээм ай
Калбаптыр сенде мээң ай.
Мындан башка айтарга
Дагы барбы жүйөөң ай!
Чыны жок айткан сөзүңдө
Калбаптыр акыл өзүңдө.
Мал экен деп Куба кой,
Бар белем сенин эсиңде.

Айдадың качан Тоюнга
Арманы көп коюнда
Кутурган жок болуучу,
Куба кой сенин оюнда
Көчпөй, конбой отурдуң,
Аккан суунун боюнда.

Тамыңдан ташып конбодуң,
Койду качан ойлодуң,
Жаңыдан туудум жабыркап,
Курсагым чөпкө тойбодум,
Жамандык мага жүктөйсүң,
Семизимде сойбодуң.

Малга ээм эсирди
Эпсиз кылды кесирди.
Айдап жакшы бакпастан
Алып койдуң бешимди.
Ушубу жакшы бакканың.
Талаада калды тапканың.
Өзүңө ээм өнөрбү
Тандыкшып уктап жатканың?

Козу аяктап семирип,
Эл Ак-Сайга көчкөндө,
Элет чарба дүркүрөп
Жайлоого көчүп кеткенде,
Ак-Сайга качан жайлаттың?
Аягында байлаттың,
Ак жайдын күнү чөп жебей
Ошентип шорум кайнаттың
Жай Ополдой жайлаттың,
Жаш балага айдаттың,
Менин шорум катырып,
Жашаңды качан чайнаттың?

Күндө үч убак жуушатып,
Моминтип шорум кайнаттың
Откорбой жайып жуушаттың,
Сугарбай айдап суусаттың
Такыр сайга жаткырдың,
Кадемимди катырдың,
Айдап жакшы бакпастан,
Азабымды тарттырдың.

Тооңду качан кыштаттың
Тойгузбай сөөгүм сыздаттың,
Ириң чыгып курудум,
Ичимди жаман муздаттың
Ак-Сайдын бетин көрбөдүм
Арманы жок өлбөдүм
Арманы көп Куба кой,
Ал жорукка көнгөнүм.
Ополдойдон көчкөндө
Келип кондуң жериңе
Жытыгып калган башынан,

Жылас болгон көрүңө
Сапырылган кыгына
Мен көндүм сенин ыгыңа
Бедени качан бүрдөттүң
Аңызды качан гүлдөттүң,
Ээм сага таарынч көп,
Көөнүмдү жаман кирдеттиң,
Коюм өлмөк болду деп,
Канчалык элди дүрбөттүң?

Кактап күнгө бышырып,
Жатып алдың ышынып,
Куба кой, менде ырыс жок,
Сендей ээге тушугуп.

Санаага албас кеп айтып,
Салкын түшсүн деп айтып,
Камап салдың тамыңа,
Качан келдиң жаныма?
Күн батардын алдында,
Тамыңдан айдап чыгардың,
Сүттөн аппак кой элем
Бакканыңдан кубардым.

Жайып койдуң эшикке
Зарыл болуп жаткамын.
Жылтыраган тешикке.
Мал экен деп Куба кой,
Жакшылап айдап бакпайсың,
Ээм сенде эсиң жок,
Мендей койду таппайсың.

Кышында Тоюн жедирбей,
Кара тоону кыштаттың,
Кантейин ээм эсиң жок,
Карга камап муздаттың
Кыш чилденин өзүндө,
Сай-сөөгүмдү сыздаттың.
Тоңдуу кылдың короомду
Тосуп жаттым бороонду.
Кор болоруң билбестен,
Коюңду кылдың коромжу.
Ээм сага жеңдирсем,
Мен Куба кой боломбу?

Короом муздак муз болду,
Жаткан жерим сыз болду.
Мээнет баскан Куба кой,
Мээси жок ээге туш болду.
Боорум үшүп чер болду,

Көзүм көрбөс көр болду,
Өпкөм үшүп көгөрдү,
Көрсөттүң далай өнөрдү.
Ичегим шишип ылжырап,
Ич этим калды былжырап,
Ичим турат үн салып,
Басылбастан кулдурап.
Кышында карды тептирип,
Кыйгак болду туягым.
Бузулду ээм сыягым,
Укпай калды кулагым.

Бир жылда мени үч кыркып
Азабым аштай катырдың.
Кеч күздө кыркып жүнүмдү
Азабымды ашырдың.

Үстүмдө жабуу жүнүм жок,
Жүнсүз менде күнүм жок,
Эки кырксаң үч кыркпай,
Жүрбөйт белем үнүм жок.

Бороондо боздоп ыйладым,
Жаткан жерден турбадым.
Эс-акылың жогунан,
Куба койду кыйнадың,
Ала курт басты денимди,
Аябай тешти теримди,
Уяты жок ээм ай,
Укпадың айткан кебимди.

Бороонду күндө чилде урса,
Табылбайт койдун дарысы.
Бороон алды борукту,
Ким көргөн мындай жорукту.
Боруктун этин сактап жеп,
Сагызган, карга Торукту.

Кыянат кылып бакпадың
Кыл курт алды токтуну.
Топугу жок ээм ай,
Толтурдуң койго коктуну.
Койдон залал көргөндөй,
Кобурайсың, сүйлөйсүң,
Койдун сырын билбейсиң,
Айткан тилге кирбейсиң.

Семиз деп сойдуң серкемди
Тебетей кылып көрпөмдү,
Чыгарба ээм үнүңдү
Кыркып саттың жүнүмдү.
Тон кылып кийдиң теримди,
Айтпагын мага кебиңди.
Эбирейсиң ээм ай,
Эми баскын демиңди.

Үч ийдирип саганда
Көнөк толгон сүт алдың,
Түгөт ээм оңбойсуң,
Сүт алган сайын күч алдың,
Куруп кеткен ээм ай,
Куба кой айтып какшады
Арыктыгы жеткен соң,
Ал себептен баспады.
Сүт бербейт деп Куба кой,
Катынды мээнет кыстады,
Желиним жара муштады,
Сай-сөөгүм катуу сыздады.

Базарга саттың өзүмдү,
Байкабай койдуң сөзүмдү
Эпсиз кылдың кесирди,
Ачарсың бир күн көзүңдү.

Союп жедиң этимди,
Дарманымды кетирди,
Айтыша калып мынчалык,
Ачып койдуң бетимди.

Каалабайсың чыгымды,
Билемин сенин ыгыңды,
Куба койдо не жазык,
Көң кылып жактың кыгымды.

Сөздүн байка жүйөөсүн
Куба кой жеңди ээсин,
Кой демекте маани бар,
Акылдуу адам билесиң.

## 26. УЙ МУЗООСУНАН СЫР СУРАГАНЫ

Уй коркот союудан,
Башын кесип коюудан.
Талаада жүрүп эстептир
— Бир күнү союп салат — деп,
Сойгону да курусун,
— Музоом жетим калат — деп,
Түштө келет кышылдап,
Мурду бүтүп бышылдап,
Чөпкө тоюп дардайып,
Сайгак кууп тызылдап,
Жакынсынып корккондон,
Музоосунан сыр сурайт:
— Коркуп жүргөн бычактан,
Сыр сураса, чын сурайт:

*Уй:*

— Менден көрө аралап,
Эл ичинде жүрөсүң,
Элден чыккан кеп болсо,
Анык жерин билесиң.

Айтып мага бергиниң:
Эл ичинде дүүлүккөн,
«Уй соёт» — деген кеп барбы?
Эси жок эсер ээмдин,
Оюнда азыр эт барбы?
Анда музоо кеп айтат:
— Эсиң жок, эне,— деп айтат —
Азыр сени сойчу эмес,
Музооңду жетим койчу эмес.

Ичип турат сүтүңдү,
Көрүп турат күчүңдү.
Ичип турат айранды,
Көрүп турат пайдаңды.
Ээңдин дагы эси бар,
Башында акыл, мээси бар,
Азыр коркпо энеке,
Сени соёр кези бар.
Айран, сүтүң алган соң,
Аарчы[1] жыйып болгон соң,
Куба курут, сары май,
Сандыгына салган соң,
Жай өтүп салкын күз келет,
Кылычын алып кыш келет,
Кыш келгенде, энеке,
Ошондо өлүм туш келет.
«Согумга сени соём» — дейт,
«Тоңдуруп этиң коём» — дейт,
Балта менен талкалап,
Чыкыйыңды оём — дейт.
Олурайтып көзүңдү,
Анан соёт өзүңдү,
Мен билгеним мына бул,
Энеке уккун сөзүмдү.

[1] *Аарчы* — айрандан бышып алган май же курут.

## 27. ИТТИН ДООЛДАЙ ТИКТИРЕМ ДЕГЕНИ

Кыш чилдеде курудум,
Үнүмдү баспай улудум.
Бул жүргөнүм кеп эмес,
Бул иш мага эп эмес.

Жадырап жайнап жаз болсо,
Байга жалчы жүрөйүн.
Байдын коюн кайтарып,
Бир доолдай чепкен кийейин.

Жакшыраак байга барайын,
Акымды бүтүн алайын,
Доолдай кийип жасанып,
Оокаттын жайын кылайын.

Саратан өтүп кыш келди,
Жаткан жерим муз болду.
Бул жорукка көнбөйүн,
Музда жатып өлбөйүн.

Ал аңгыча кыш өттү,
Жадырап жайнап жаз өттү.
Ит унутту айтканын,
Кышында музда жатканын.
Тилин салып акактап,
Көлөкө жерди качырат,
Доолдай чыккан эсинен,
Көлөкөгө жашынат.
Түлкү итке кеп айтат,
Түшүнсүн деп бек айтат:
— Кышында айткан доолдай,
Бүттүбү итим? — деп, айтат.

Ит түлкүгө деп айтат,
Ишене турган кеп айтат:
— Түлкүм, мага жүн кана,
Чыга турган үн кана?
Ал чепкенди кылгын — деп,
Айта турган тил кана?

Чепкен чыгып эсинен,
Керилип жатып алыптыр.
Жалкоонун жайы ушундай,
Жайкалып уйку салыптыр.

## 28. КАРКЫРА МЕНЕН ТҮЛКҮНҮН ДОСТУГУ

Абал баар жаз болуп,
Көлгө батпай каз толуп,
Келгин келген кезинде,
Бозго батпай куш толуп
Жер айрылып гүл чачып,
Булбул сайрап үн ачып,
Байчечекей гүлдөгөн,
Жаркыраган жаз келип,
Жан-жаныбар төлдөгөн,
Жазгы көктөм мезгилде,
Жыгачтын баары бүрдөгөн.
Бир каркыра, бир түлкү,
Коңшу болду достошуп,
Ачык сырын жашырбай,
Анык сөздөн козгошуп.
Каркырада шумдук жок,
Түлкүдө көп бузугу.
Түлкү акеңдин бир түрдүү,
Эми келет кызыгы.
Түлкүдө казган ийин бар,

Өткөн иштин кийни бар.
Бет келишкен жеринде,
Бекиткен сөздүн түйнү бар.
Каркырада уя бар,
Убада кылган башында,
Убада сөзүн бекиткен,
Калыстар туруп кашында,
Түлкүдө бар төрт бала,
Каркырада беш бала,
Балдарына жем издеп,
Каркыра кетти бечара.

Түлкү жүрөт жойлонуп,
Шумдуктун баарын ойлонуп,
Убададан тайгылды,
Түлкү жойбур иш бузуп,
Каркырага түлкү акең,
Кылмак болду бир кызык.
Тура калып түлкү акең:
— Эчтеке болбос — деп койду.
Каркыра кетип калган соң,
Бир баласын жеп койду.
Карды тоюп алган соң,
Карсылдап күлүп, ойноду.
Жалган жерден кеп куруп,
Жана шумдук ойлоду.
Каркыра келер кезинде,
Түлкү акең ыйлап отурду.
Көөнү менен көп ыйлап,
Көзүн жашка толтурду:
— Бирибиз тышка чыкканда,
Бирибиз үйдө турбай — деп,
Этият болуп сактанып,
Эптеп оокат кылбай — деп,
Сен кеткенде, мен кетип,

Экөөбүз үйдөн тең кетип,
Санап көрдүм биле албайм,
Тогузунан кими жок,
Кандай бетсиз алды экен?
Узун моюндун бири жок.
Бала деген эң кыйын,
Баласыздын күнү жок.
Узун моюн балаңдын
Убайым кылды дарты деп —
Каркыра аке кантелик?
Кайырлуу болсун арты — деп,
Түрдүү кытмыр сөз баштап,
Түлкү турду муну айтып.
Кара күчкө кууланып,
Кара жанын муңайтып,
Кири жок ичте каркыра,
Ишене калды кебине.
Түндө жүрүп жойлогон,
Түлкүнүн кирди эбине
Түлкү сөздө турабы,
Залимдин бири бу дагы.
Кайда болсо залимден
Залал көрөт ынагы.

## 29. БӨРҮ МЕНЕН ТҮЛКҮ

Түлкү, бөрү достошуп,
Өткөн иштен козгошуп,
Бөрү жатат, түлкү жейт,
Жүргөнү бизге күлкү дейт.

. . . . . . . .

Бөрүнүн бар эрдиги,
Түбүнөн аңгаал шердиги.

Эки жагын каранып,
Эри-мурдун жаланып,
Билбегенсип бойпоюп,
Көрбөгөнсүп компоюп.

Түбүнөн келген жоругу,
Түлкү — бикир арамза,
Карап калат карышкыр,
Эки жагын каранса.

Карышкырдын өнөрү,
Түлкүнүн жыргал көрөрү
Бөрү акең тынчып турабы,
Тоо башында турагы.

Жок эмеспи бөрүнүн,
Жегенинде сурагы,
Азыр түлкү ынагы
Аянып бөрү турабы.

Өркөчү бийик төө жарат,
Эмчеги карыш бээ жарат,
Азуусу тутам ат жарат,
Ат жарганда бат жарат.

Түлкү достун буйругун —
Орду менен аткарат.
Түнөп калган үй жарат,
Түлкү доско сый жарат.

Коодон түшүп кой жарат,
Ар качандан бир качан,
Карышкыр акең адаты,
Түлкү доско той жарат.
Башынан бери жок эле,
Мал ээсинде жазыгы,

Карышкыр кайсап жарган мал,
Шум түлкүнүн азыгы.

Бир күнү жарган бээсине,
Ээсинин ичи ачыды,
Кайран бээм өлдү деп,
Ыйлай таштап жашыды.

Албарс менен күч ала,
Сүр куйрукка ачытты,
Алыстан жыты келсин деп,
Аябай ороп сасытты.
Аянбастан аңчы акең,
Аңгемени баштады.
Бөрүнүн келер жолуна,
Бир куйрукту таштады.

Кайран бээм жарылды,
Кас кылган мага бөрү деп,
Өлдү муну жеген соң,
Атасынын көрү деп.

Аңчы кетти үйүнө,
Аңдаңар сөздүн түрүнө,
Кырып-жоюп бөрү акең,
Кыйратып турат күнүгө.

Бөрү акеңдин кеги бар,
Айтып өтөр кеби бар,
Бөрү, түлкү дос болуп,
Бөлүнбөй жүргөн эби бар.

Башка сөздү укпаган,
Майга тоюп уктаган,
Карышкыр досум укта деп,

Кашынан түлкү чыкпаган.

Ал аңгыча күн батты,
Элдин алды ным жатты:
— Түлкү досум жүргүн деп,
Кызыгыма күлгүн деп,

Казысына бөлөн деп,
Картасына жөлөн деп,
Досум бөрү көк жалдын
Баатырдыгын көрөм — деп.

Бөрү басты суналып,
Куйругу жерге чубалып,
Эрдигине бөрүнүн,
Түлкү келет кубанып.

Алыс жерден куйруктун,
Жыты келди бөрүгө,
Жемек турсун жыттаса,
Бөрү даяр өлүүгө.

Бөксө жол менен барышты,
Бөрү, түлкү ашына,
Сүбөөсүн бөрү көтөрүп,
Сүр куйруктун башына.

Түрдүү шумдук ойлонуп,
Ары-бери жойлонуп,
Табармын деп эбиңди,
Түлкү турду кашына.
Эми түлкү кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:

— Кул базарга баруучу,
Сүр куйрук сатып алуучу.

Сүйүнгөндөн бош байлап,
Жолго түшүп калуучу.
Ал, бөрү аке, алгын!— деп,
Жолун берди бөрүгө.
Себеп болду түлкү дос,
Бөрү акеси өлүүгө.
Досум деп жүргөн түлкүнү,
Түлкү салды күлкүнү.
Көөсөр бөрү турабы,
Сүр куйрукту сугунду,
Уу жеген аман калабы,
Сугунган жерде жыгылды.
Өлөр бөрү өлдү деп,
Өкүмүнө көндү деп,
Өлбөгөндө нетти деп,
Өз кылганы жетти деп.
Куйругун сылап чоң жолго,
Карабастан оң-солго
Бөрүнүн түлкү өнөгү,
Кайрылбастан жөнөдү.
Түлкү кетти турбастан,
Дүмөгүн айтып бир баштан,
Бөрүнүн этин жашырып,
Беките салды тынбастан.

Мындан башка түлкүнүн
Толуп жатат өнөрү,
Эртең келип жеймин деп,
Чуркап алып жөнөдү.

Шумдугун түлкү ашырды,
Түндө келип жеймин деп,
Өлгөн бөрү көөсөрдү,
Жерге көмүп жашырды.
Аңгемелүү кеп курду,

Түлкү салды бул чырды,
Бөрү акеңдин этинен,
Түндө келип жеп турду.

Калтырбай сөөгүн кемирди,
Бөрүнүн этин жеп жатып,
Кайран түлкү абжөрүң[1]
Казы байлап семирди.

Бөрү өлдү тырайып,
Эки буту сырайып,
Бөрү өңдөнгөн залимге,
Анык бул иш ылайык.

## 30. БӨДӨНӨНҮН ТҮЛКҮНҮ АЛДАГАНЫ

III

Бөдөнөнүн кеби бар,
Турумтай менен кыргыйда,
Толуп жаткан кеги бар.
Бул экөөнөн бөдөнө
Дайым жүрөт жашынып,
Эки жагын элеңдеп,
Эси чыгат ашыгып.
Жаткан жерин жазгырып,
Бытбылдыктап бакырып,
Бытбылдык деген доошу,
Чөптү кетет жапырып.
Бөдөнөнү түлкү аңдыйт,
Чакырган үнүн уккан соң,
Бытбылдык деген табышы
Жакын жерден чыккан соң.

---

[1] *Абжөр* — кытмыр.

Түлкү акең жатты кылыйып,
Жакындап келсе жеймин деп,
Ичинен тынып кымыйып.
Аста басып аңдыды,
Түйүлүп түлкү каргыды.
Басып калды түлкү акең,
Бөдөнөнү учурбай:

Түлкүнүн кылган жоругу,
Башынан маалим ушундай.
Түлкү акең амал иштеди,
Баскан жерде тиштеди.
Бөдөнө түштү түлкүнүн,
Арсайган азуу оозуна,
Бытбылдык деп чакырып,
Өзүнүн салган доошунан.
Бөдөнө туруп ойлонду:
«Кутулсам түлкү оозунан.
Табайын мунун эбин деп,
Жедирбейин тегин» деп,
— Арзымды ук түлкү аке,
Алал кылып жегин деп,
Уккан болсоң сөзүмдү,
Үлүрөйтпөй көзүңдү,
Оозуңда мен турамын,
Угуп жегин сөзүмдү.
Кулкулдабай тамагың,
Бул санатты санагын.
— Макул — деп түлкү ынады,
Санамакка чыдады.
— Бир десе, түлкү «бир» деди,
— Эки десе, «эки» — деп,
— Үч десе, түлкү «үч» — деди,
— Төрт десе, түлкү «төрт» — деди,
— Беш десе, түлкү «беш» — деди,

— Акыңдан түлкү кеч — деди.
— Аянбай түлкүм алты — де,
Анык санап сен өткөн,
Ажалдын анты «алты» эле,
Акылдан түлкү шашканда,
— Алты! — деп оозун ачканда,
Бөдөнө кетти кутулуп,
Түлкү калды жутунуп.
— «Алтың» менен аңга түш,
Айтпай койбой не болдум?
Ширин этин мен чайнап,
Эзип жебей не болдум?
Түлкү калды кайгырып,
Бөдөнөдөн айрылып,
Алдаганын бөдөнө,
Айтып калды ыр кылып.

## 31. ЭШЕК МЕНЕН БУЛБУЛ

Канаттуу куштар,
Төрт аяктуу жаныбарлар
Бир күнү мажилис [1] курду,
Булбулдун сайраганын сынап,
Эшек калыс болуп карап турду.

Күүгүм кирип, күн баткан,
Түндөн баштап сайрады.
Так он эки санагы,
Айдан баштап сайрады.
Саратан салкын шамалдуу,
Жайдан баштап сайрады.
Асман ачык күн булут,
Тумандан козгоп сайрады.

[1] *Мажилис* — жыйын, чогулуш деген мааниде.

Кепил болуп теминген,
Улардан козгоп сайрады.
Чалкыган көлдөн жай алган,
Куулардан козгоп сайрады.
Тоют кылган аккууну,
Тынардан козгоп сайрады.
Жер жайпаган төрт түлүк,
Малдан козгоп сайрады.
Карагай, кайың, байтерек,
Талдан козгоп сайрады.
Жер жүзүндө ар түрдү,
Жандан козгоп сайрады.

. . . . . . .

Кызыл, жашыл гүл ачкан,
Чөптөн козгоп сайрады.

. . . . . . .

Көңкү тамам[1] жыйылган,
Көптөн козгоп сайрады.
Келишимдүү ар түрдүү,
Кептен козгоп сайрады.
Тирөөчү жок токтолгон,
Көктөн козгоп сайрады.
Жер зилдеген жазында,
Амалдан козгоп сайрады.
Жайга салкын келтирген,
Шамалдан козгоп сайрады.
Жакшы менен аралаш,
Жамандан козгоп сайрады.

---

[1] Бүт, бүтүндөй деген мааниде.

Башынан өткөн ар түрдүү,
Замандан козгоп сайрады.
Кызыл, жашыл байчечек,
Гүлдөн козгоп сайрады.
Черин жазган муңдуунун
Тилден козгоп сайрады.
Айбанаттын эң чоңу
Пилден козгоп сайрады.
Учуп жүргөн ар түрлүү,
Куштан козгоп сайрады.
Татты кылган супсакты,
Туздан козгоп сайрады.
Жакын кылган алысты,
Кыздан козгоп сайрады.

Акча үчүн уктабас,
Эшенден козгоп ырдады.
Мажилиста сайраган,
Чеченден козгоп ырдады.
Көпкө тийген пайдасы.
Көсөмдөн козгоп ырдады.
Көп ооруган талыкшып,
Кеселден козгоп ырдады.
Беш жашка чейин баспаган,
Жан-жаныбар укпаган,
Бечелден козгоп сайрады.
Жан-жаныбар укпаган,
Нечменден козгоп сайрады.
Асмандагы дууланган
Жерге түшсө нурланган,
Жамгыр жаап көк чыккан,
Булуттан козгоп сайрады.
Тайпа-тайпа [1] ар түрлүү,

---

[1] *Тайпа-тайпа*,— бөлөк-бөлөк деген мааниде.

Улуттан козгоп сайрады.
Акын булбул чечендин,
Айтпаган сөзү калбады.
Булбулдун сайраганын,
Сайроодон талбаганын
Уккан мажилис:
Баракелде, булбул!
Калың журттун
Уйкусун ачып,
Кумарын жазып,
Сайрадың дешти:
— Кана айтчы эшек!
Сага келди кезек —
Деп ага сөз беришти.
— Ырас булбул жакшы сайрады,
Айтпаганы калбады.
Чынын айтсам бирок,
Үнү короздукуна окшогон жок.
Менин тилимди алса,
Короздон өнөр үйрөнүү үчүн,
Дагы бир жыл окууга барса,
Болор эле,— деди эшек.
Анда көпчүлүк мындай дешет:
— Ээ, макоо, булбул эшек эмес,
Эшектей кесеп эмес,
Сенин бул айтканың
Бизге эсеп эмес!—
Деп, көпчүлүк наалат айтып калды,
Эшекти айдап жолго салды.

## ТҮШҮНҮКТӨР

1 ТҮЛКҮ, ЧАПКЕНЕ, ТАШБАКА — ҮЧӨӨНҮН ЭГИН ЭККЕНИ — Каюм Мифтаков 1923-жылы 15-августта Талас районунун Жайылган-Арал айлында, Эркебай Бердибай уулунан жазып алган. Бул тамсилге тилдик жагынан бир топ оңдоолор киргизилди. Фондунун 200-инв, 409-б. алынды.

2. КЫРГЫЙ МЕНЕН ҮКҮ — К. Мифтаков Жети-Сууда караколдук Кыдык Бердалы уулунан 1916-жылы 28-ноябрде жазып алган. Фондунун 200-инв. 410-б. сакталып турат. Жарыкка биринчи жолу чыгышы.

3. АЧ КӨЗ КАРГА. 1916-жылы 28-ноябрде Жети-Суу, Каракол кантонунда жашаган Кыдык Бердалы уулунан К. Мифтаков жазып алган, Жыйнакка фонд, инв. 200, 411-бет боюнча алынды.

4. КАРКЫРА МЕНЕН ТҮЛКҮ. 1921-жылы 26-октябрде К. Мифтаков Жети-Суу, Каракол кантону, Тоң болушу Төрткүл айлында (азыркы Тоң району, Төрткүл колхозу) Керималы уулунан жазып алган. Фонд, инв. 200, 414-бет.

5. ТӨӨ, АЮУ, ТҮЛКҮ, КАРЫШКЫР, ЖОЛБОРС, КОЗУ ЖАНА УЛАК. 1923-жылы таластык Майрык Алтыбай уулунан К. Мифтаков, С. Сооронбаевдер жазып алышкан. Биринчи жолу 1937-жылы Кыргыз адабиятынын хрестоматиясында жарыяланган. Бул жыйнакка түп нуска боюнча алынды. Фонд, инв. 230, 27-29-беттер.

6. ТОРГОЙ. Бул тамсилди Иманбек Шамен уулу жыйнаган материалдардан алынды. Кимден, кайсы жылы жазылганы да аныкталбады. Фонд, инв. 230, 33-34-беттер.

7. ТҮЛКҮ МЕНЕН БӨДӨНӨ (I). К. Мифтаков 1922-жылы Нарында Шаркыратма айлында Осмоналы Дордон уулунан жазып алган, Фонд, инв. 230, 68-б.

8. АЛКЫ ЖАМАН КАРЫШКЫР. Ыбырай Абдырахмановдун жыйнаган материалдарынан алынды. Ы. Абдырахманов Ат-Башы районунун «Жакшына» деген жайлоосунда 1940-жылы 8-августта Жаңы-Күч колхозунда туруучу Суранчиев Калчанын оозунан жазып алган.

9. ТОРГОЙ МЕНЕН ТУРУМТАЙ. 1950-жылы 11-декабрде Токтогул районунда жашаган Кулмырза Кожобек уулунан Идаят Раимбаева жазып алган. Фонд, инв. 425, 11-бет.

10. ТҮЛКҮ МЕНЕН АЮУНУН ДОС БОЛГОНУ. 1947-жылы К. Мифтаков Алай району, Сары-Таш сельсовети Кара-Шыбак кыштагында жашоочу Толубаев Имаралиден жазып алган.

11. ТҮЛКҮ МЕНЕН БӨДӨНӨ (II). К. Мифтаков 1947-жылы Чоң-Алай району, Сары-Таш сельсовети, Толубаев Имаралиден жазып алган. Фонд, инв. 282.

12. АРСТАНДЫН КҮЧҮГҮН АСЫРАГАН МЫШЫК. 1970-жылы фондуга өткөрүлгөн Байгаринов Мусанын материалдарынан алынды. Фонд, инв. 5203, 10-бет.

13. КУУ ТҮЛКҮ. Бул тамсил М. Байгариновдун жыйнаган фольклордук материалдарынан алынды. Фонд, инв. 5203, 11-бет.

14. АЮУ МЕНЕН ЧИРКЕЙ. М. Байгариновдун жыйнаган материалдарынан алынды. Жарыкка биринчи чыгып жатат. Фонд, инв. 5203, 12—13-бет.

15. ТҮЛКҮ МЕНЕН ЭЧКИ. 2-класс үчүн «Эне тили» окуу китебинен алынды (Фрунзе: Кыргызмамбас, 1949).

16. АРСТАН МЕНЕН ТҮЛКҮ. 2-класс үчүн «Эне тили» окуу китебинен алынды (Фрунзе: Кыргызмамбас, 1949).

17. САГЫЗГАН КАНТИП САЙРАДЫ. Жети-Өгүз районунда Дархан сельсоветинин Ала-Тоо колхозунда туруучу Сөлпүев Кадыр жазып тапшырган. Фонд, инв. 5196, 71-беттен алынды.

18. УЯТЫ ЖОК УЙГАК. Сөлпүев Кадырдын айтуусунда жазылган. Фонд, инв. 5196, 82-бет.

19. ТЕКЕ МЕНЕН ЭЧКИ. Талас (мурунку Буденный району), Сталин атындагы колхоздо жашаган Жалпатеков Манасбектен 1956-жылкы фольклордук экспедиция убагында С. Байходжоев жазып алган. Биринчи жарыяланып жатат. Фонд, инв. 1876, 10—11-беттер боюнча алынды.

20. ЧЫЧКАН, МЫШЫК, АРСТАН. Бул тамсилди биринчи жолу К. Мифтаков 1922-жылы 6-сентябрде С. Орозбаковдон жазып алган. Ушул тамсилдин көчүрмөлөрү № 217, 240, 241, 242, 1304, 1304 а инвентарларда сакталып турат. Биринчи жолу жарыкка 1937-жылы Кыргыз адабиятынын хрестоматиясында жарыяланган. Андан кийин 1939, 1940, 1945-жылдардагы хрестоматияларда да берилген. Ал эми бул жыйнакка М. Богданова даярдаган «Кыргыз адабиятынын хрестоматиясынын» кол жазмасынан алынды. Фонд, инв. 180 а, 14—140-беттер.

21. ЖОЛБУН ИТ. С. Орозбаковдун өз оозунан 1923-жылы Нарындын Он-Арча деген жеринде К. Мифтаков жазып алган. 1945-жылы хрестоматияда жана 1949-жылдардагы эне тили окуу китептеринде басылган. Ушул тамсилди М. Богданова Кыргыз адабиятынын хрестоматиясына киргизүүгө даярдаган. Бир топ редакциялык оңдоолорду киргизип бастырган. Бул жыйнакта М. Богданованын редакциялаган жерлерин туура деп таптык. Фонд, инв. 217, 34—46-беттер.

22. КУЙКУЛ ТОРПОК, КУУ БУЛУТ. Сүйөркул Абдракмановдун айтуусу боюнча басылды. 1949-жылы 27-январда жазылып алынган. Фонд, инв. 5178, 2—11-беттер.

23. КУШТАРДЫН АҢГЕМЕСИ. Тоголок Молдонун кол жазмасынан алынды. Биринчи жолу 1944-жылы акындын биринчи жыйнагында жарык көргөн. Бул жыйнакка түп нуска боюнча алынды. Фонд, инв. 1022, 87—110-беттер.

24. ЖЕР ЖАНА АНЫН БАЛДАРЫ. Биринчи жолу 1939-жылы «Балдар жомоктору» деген жыйнакка киргизилген. Жыйнакка кол жазмадан алынды. Фонд, инв. 1416, 28—41-беттер боюнча алынды.

25. КУБА КОЙ МЕНЕН ЭЭСИНИН АЙТЫШКАНЫ. Биринчи жолу 1939-жылы «Балдар жомоктору» деген жыйнакта басылган. Андан кийин акындын чыккан жыйнактарына басылып келе жатат. Биз түп нуска: Фонд, инв. 1022, 111—123-беттер боюнча алдык.

26. УЙ МУЗООСУНАН СЫР СУРАГАНЫ. Биринчи жолу 1939-жылы «Балдар жомоктору» деген жыйнакчада басылган. Экинчи жолу 1954-жылкы I томунда, 1958-жылы «Балдар ыры» жыйнагында, 1960-жылы «Тандалган чыгармалар» жыйнагында ж. б. да басылган. Бул жыйнакка түп нуска боюнча берилди. Фонд, инв. 1022, 196—197-беттер.

27. ИТТИН ДООЛДАЙ ТИКТИРЕМ ДЕГЕНИ. Бул тамсил элдик лакаптын негизинде жазылганы белгилүү. Биринчи жолу 1939-жылы «Балдар жомоктору» деген жыйнакчасында басылган. Кийинки жыйнактарында да берилип келе жатат. Түп нуска боюнча алынды. Фонд, инв. 1022, 198—199-беттер.

28. КАРКЫРА МЕНЕН ТҮЛКҮ. Элдик тамсилдин негизинде жазылган. Биринчи жолу 1939-жылы «Балдар жомоктору» деген жыйнакта, экинчи жолу 1952-жылы «Жер жана анын балдары» деген ырлар жыйнагында жарыяланат. Кийинки жыйнактарда да берилип келген. Бул жыйнакка түп нуска боюнча алынды. Фонд, инв. 1416, 176-бет.

29. БӨРҮ МЕНЕН ТҮЛКҮ. Акын бул тамсилди элдик сюжеттин негизинде иштеп чыккан. Биринчи жолу 1953-жылы чыккан «Эркиндик» деген ырлар жыйнагында басылат. Кийинки жарык көргөн жыйнактарында дайыма басылып келе жатат. Фонд, инв. 1433, 167—172-беттер.

30. БӨДӨНӨНҮН ТҮЛКҮНҮ АЛДАГАНЫ (III). Тоголок Молдо элдик тамсилдин негизинде жазган. Биринчи ирет 1944-жылкы жыйнагында басылган. Кийинки жыйнактарында да басылып келе жатат. Фонд, инв. 1268, 204—206-беттер.

**31. ЭШЕК МЕНЕН БУЛБУЛ.** Тоголок Молдонун бул чыгармасы биринчи жолу 1954-жылы акындын I томунда, экинчи жолу 1958-жылы «Балдар ыры» жыйнагында, 1960-жылкы «Тандалган чыгармалар», 1971-жылы «Бөрү менен түлкү» аттуу жыйнакчасында берилген. Бул жыйнакка түп нуска боюнча (Фонд, инв. 1512, 17—19-беттер) жарыяланды.

# МАЗМУНУ

Ж. Мусаева. Баш сөз ордуна . . . . . . 5

1

1. Түлкү, чапкене, ташбака — үчөөнүн эгин эккени . . . . . . . . . . 12
2. Кыргый менен үкү . . . . . . . 12
3. Ач көз карга . . . . . . . . 13
4. Каркыра менен түлкү . . . . . 13
5. Төө, аюу, түлкү, карышкыр, жолборс, козу, улак . . . . . . . . . 13
6. Торгой . . . . . . . . . 16
7. Түлкү менен бөдөнө (I) . . . . . 17
8. Алкы жаман карышкыр . . . . . 17
9. Торгой менен турумтай . . . . 19
10. Түлкү менен аюунун дос болгону . . . 20
11. Түлкү менен бөдөнө (II) . . . . . 20
12. Арстандын күчүгүн асыраган мышык . . 21
13. Куу түлкү . . . . . . . . 21
14. Аюу менен чиркей . . . . . . 22
15. Түлкү менен эчки . . . . . . 24
16. Арстан менен түлкү . . . . . . 24
17. Сагызган кантип сайрады . . . . 25
18. Уяты жок уйгак . . . . . . 26
19. Теке менен эчки . . . . . . . 26

2

20. Чычкан, мышык, арстан . . . . . 30
21. Жолбун ит . . . . . . . 53
22. Куйкул торпок, куу булут . . . . . 61
23. Куштардын аңгемеси . . . . . 68
24. Жер жана анын балдары . . . . 83
25. Куба кой менен ээсинин айтышканы . . . 96
26. Уй музоосунан сыр сураганы . . . . 105
27. Иттин доолдай тиктирем дегени . . . . 107
28. Каркыра менен түлкүнүн достугу . . . 108
29. Бөрү менен түлкү . . . . . . 110
30. Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы (III) . . . 115
31. Эшек менен булбул . . . . . . 117

Түшүнүктөр . . . . . . . 121

КИРГИЗСКИЕ НАРОДНЫЕ БАСНИ
(на киргизском языке)

Составитель — *Дж. Мусаева*

Редактору *Б. Шамшиев*
Сүрөтчү *И. А. Ефимов*
Көркөм редактору *В. Ф. Роек*
Техн. редактору *Р. Р. Хусаинова*

ИБ № 994

Терүүгө 19.07.1984 берилди. Басууга 6.05.1985 кол коюлду. Д — 00885. Басмаканалык № 1 кагазы. Адабий ариби, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 70×108$^{1}/_{32}$ физик. басма табак. 6,4 шарттуу басма табак, 4,54 учеттук-басма табак. Нускасы 1500. Заказ № 28. Баасы 71 т.

Кыргыз ССР илимдер академиясынын «Илим» басмасы
720071, Фрунзе ш., Ленин проспектиси 265а

Кыргыз ССР илимдер академиясынын басмаканасы
720001, Фрунзе ш., Пушкин көчөсү, 144